КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
КОМПЬЮТЕР ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ

# ТАРМАКТЫН ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ОПТИМИЗАЦИЯЛООДО МОДЕЛДӨӨНҮН КОЛДОНУЛУШУ

МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ

Айжаркын САИТ КЫЗЫ

Жетекчи
доц.др. Раимбек СУЛТАНОВ

БИШКЕК 2010

KIRGIZİSTAN TÜRİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ
FEN BİLİMLER ENSTİTÜSÜ
BİLGİSYAR MÜHENDİSLİĞİ BÖLÜMÜ

# MODELLEME METODU YARDIMIYLA AĞ OPTİMİZASYONU

YÜKSEK LİSANS TEZİ

Aycarkın SAIT KIZI

Tez Danışamı
Doç.Dr. Raimbek SULTANOV

Bişkek 2010

## КЫСКАЧА МАЗМУУНУ

| | |
|---|---|
| Yazar/Даярдаган | : Aycarkın Saitkızı / Айжаркын Саит кызы |
| Üniversite/Унивесритет | : Kırgızistan –Türkiye Manas Üniversitesi |
| Anabilim Dalı/ | : Bilgisayar Mühendisliği/Компьютер инженерия |
| Bilim Dalı/ Багыты | : Bilgisayar Mühendisliği/Компьютер инженерия |
| Tezin Niteliği / Иштин сапаты | : Yüksek Lsans Tezi/Магистрдик Диссертация |
| Sayfa Sayısı / Беттердин саны | : IX+ 76 |
| Mezuniyet Tarihi / Бүтүрүү датасы | : 18/06/2010 |
| Tez Danışmanı / Илимий жетекчи | : Doç.Dr.Raimbek Sultanov |

# ТАРМАКТЫН ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ОПТИМИЗАЦИЯЛООДО МОДЕЛДӨӨНҮН КОЛДОНУЛУШУ


Биринчи бөлүмдө дүйнө жүзү боюнча эң көп колдонууга ээ болгон Ethernet тармак технолгиясы боюнча маселелер каралган. Себеби изилдене турган университетибиздин тармагы бул технология негизинде курулган. Бул технологиянын иштөө принцибине карата кээ бир аспектилерди түшүнүү үчүн Ethernet технолгиясынын негизги учурларын билүү пайдалуу.

Учурда Интернетти колдонбогон адамдар аз болсо керек. Колдонуучулар арасында Интернетти ар кандай багытта колдонушат. Айрыкча чоң фирмаларда жергиликтүү тармакты уюштурууда көп маселе чыгат. Негизги маселелердин бири бул тармакты оптималдуу колдонуу. Бул маселе боюнча тармак өндүрүүчүлөрүн да ойлондуруп келет. Ошондуктан сапаттуу тейлөө- Qos (Quality of Service) протоклу пайда болгон. Сапаттуу тейлөө маселеси да тармакты оптималдуу колдонуу үчүн негизги куралдардын бири. Ошондон улам экинчи бөлүмдө Qos маселеси боюнча кеңири маалымат берилет.

Ал эми үчүнчү бөлүмдө болсо, тармактын оптималдаштырууга керек болгон теориялык негизгдер каралган. Азыркы учурда тармакты колдонгон бүтүн иш кана, мекемелер үчүн тема эң негизги маселелердин бири болуп калууда. Анткени бүтүн электр энергиясы, суу, жылуулук сыяктуу төлөмдөр Интернет аркылуу жүргүзүлүүгө мүмкүн болууда. Ошондуктан аны кандай уюштуруу керек экендиги жана бар болгон тармакты кандай критериялер боюнча изилдөө керектиги баяналат.

Төртүнчү бөлүмдө университетибиз тармагынын негизги параметрлери аныкталган. Айтып кетсек, тармак өткөрүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, топлогиясы, физикалык жана логикалык туташуу жана даректөө маселелери каралган.

Тармактын базалык маанилери аныктоо:

1. Жергиликтүү тармактын сегмент жана тармак өткөрүмдүүлүгү утилизациясы;
2. Тармак колдонулган протоколдордун өзгөчөлүктөрү;

3. Gateway жана сервер аркылуу өткөн трафик;
4. OSI моделинин Тиркеме деңгээли өзгөчөлүгү;
5. Тармак жана канал деңгээлинин пакеттеринин статистикасы;

Бешинчи бөлүмдө болсо, маселерди жыйынтыктын негизинде GPSS (General Purpose Simulating Program) симуляция программынын жардамы менен жыйынтыкты алып, оптималдаштыруу чекитин таап жыйынтыкты анализдөө.

Кезек теориясы *M/M/1* моделинин жардамы менен ишке ашырууг:

- Тармак каналдарындагы тармак өткүтүүлөрүнүн убактысыı;
- Канал сыйымдуулугу тандоо;
- Марков чынжыры;

Ачкыч сөздөр: bandwidth, throughput, LAN, Qos, Ethernet, network capacity, utilization, General Simulating Purpose Program.

# MODELLEME METODU YARDIMIYLA AĞ OPTİMİZASYONU

Bu çalışmanın birinci bölümünde dünya çarpında en çok kullanılan Ethernet teknolojisi hakkında beyan edilmiştir. Çünkü araştırılacak ağ bu teknoloji esnasında yapılmıştır. Bu teknolojinin çalışma prensibine uygun kavramları anlamamız için Ethernet teknolojisi esas unsurların bilmemiz gerek..

Günümüzde İnterneti kullanmayan iösanlar çok azdır. İnternet kullanıcaları her türlü amacda kullanırlar. Ayrıca büyük şirketlerin yerel ağ sisteminde problem çıkabilir. Esas meselerin biri olarak o ağı optımal kullanmaktır. Bu konuda Ağ ekipmanların yapımcıları tarafından da bu konu üzerinde çalışmiştir. Bu problemi çözmek için Qos (Quality of Service) *Kalitel izmet verme* protokolü yardımcı olmaktadır. Öylece çalışmanın ikinci bölümünse bu konuda tartışılmıştır.

Üçüncü bölümde ise, ağı optimalleştirmeye gerekli teorik gerekçe bakılmıştır. Bu konu üzerinde İnterneti kullanan şirketlerin ilgilendiği problem. Çünkü elektr işiği, su, ısı gibi ödemeler İnternet üzerinde yapmak mümkündir. Bundan dolayı ağın ne kriteride analizlenmesı gerektiği beyan edilmiştir.

Dördüncü bölümde üniversitemiz ağ sisteminin parametreleri bakılmıştır. Mesela ağ kapasitesi, topolojisi, fiziksel ve mantıksal bağlanma ve adresleme bakılmıştır.

Ağın bazal değerleri tanımlama. Тармактын базалык маанилери аныктоо:

1. Yerel ağ segmenleri ve ağ kapasitesini utilizasyonu;
2. Ağda kullanılan protokollerin özellikleri;
3. Gateway ve sunucu trafik;
4. OSI modelinin Uygulama katman özellikleri;
5. Ağ ve kanal katmandeki pakerlerin statiği;

Beşinci bölümde meseleleri GPSS (General Purpose Simulating Program) programında değerlendirilmesi ve optimal noktayı bulma ve analizleme.

Kuyruk modeli *M/M/1* yadımıyla değerlendirme.

- Ağ katmanında ağ kapasitesi;
- Ağ kapasitesin seçme;
- Markov Zinciri;

Ачкыч сөздөр: bandwidth, throughput, LAN, Qos, Ethernet, network capacity, utilization, General Simulating Purpose Program.

**МАЗМУУНУ**


БЕКИТҮҮ БАРАКЧАСЫ........................................................................................ ii
КЫСКАЧА МАЗМУУНУ ........................................................................................ ııı
ÖZ....................................................................................................................... v
МАЗМУУНУ.......................................................................................................... vi
КЫСКАРТУУЛАР................................................................................................... vii
КОЛДОНУЛГАН СҮРӨТТӨР ЖАНА ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕСИ............................ viii
КИРИШҮҮ 1
БӨЛҮМ-1 ETHERNET ТЕХНОЛОГИЯСЫ................................................................. 3
1.1 ETHERNET ТАРМАГЫНЫН АРХИТЕКТУРАСЫ................................................ 3
БӨЛҮМ – 2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ТАРМАКТЫ ОПТИМИЗАЦИЯЛООДО НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР.................................................................................................... 24
БӨЛҮМ – 3. QOS КЫЗМАТЫ ЖАНА АНЫН МААНИСИ......................................... 30
3.1 QOS КЫЗМАТЫНЫН  БАЗАЛЫК АРХИТЕКТУРАСЫ....................................... 30
3.2 КЕЗЕКТЕРДИ БАШКАРУУ АЛГОРИТМДЕРИ.................................................. 34
БӨЛҮМ – 4. УНИВЕРСИТЕТ ТАРМАГЫ................................................................. 43
4.1 УНИВЕРСИТЕТТИН КАБЕЛДИК СИСТЕМАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ…….. 44
БӨЛҮМ – 5. КЕЗЕК ТЕОРИЯСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ТАРМАКТЫ МОДЕЛДӨӨ 49
5.1 АНАЛИТИКАЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЫКМАСЫ МЕНЕН ТАРМАК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮН АНЫКТОО............................................................................. 53
5.2 GENERAL PURPOSE SIMULATING SYSTEM ПРОГРАМЫНДА РЕАЛИЗАЦИЯСЫ.................................................................................................. 58
ЖЫЙЫНТЫК.......................................................................................................... 75
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ............................................................ 77
АВТОБИОГРАФИЯ................................................................................................. 78

КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| Qos | Сапатту тейлөө (Quality of Service) |
| ж.б. | жана башка |
| M/M/1 | марков процесси/ экспоненттциалдуу бөлүштүрүү/сервер |
| DEC | Digital Equipment Corporation |
| IEEE | Institute of Electrical and Electronics Engineer |
| RTT | Round Trip Time) |
| PQ | Priority Queueing Приоритеттик тейлөө |
| WFQ | Weighted Fair Queuing Салмактоо менен калыс тейлөө |
| WQ | Weighted queueing Салмактоо менен тейлөө |

## ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ


| Таблица номери | Ачыктоо | бет |
|---|---|---|
| 1.1-таблица | Түйүндөрдөгү кармалуу | 6 |
| 1.2-таблица | Минималдуу *Ethernet* пакеттинин структурасы | 22 |
| 1.3-таблица | Максималдуу *Ethernet* пакеттинин структурасы | 22 |
| 2.1-таблица | Ethernet жогорку, орточо жана минималдуу утилизациясы көрсөтүлгөн. | 28 |
| 4.1-таблица | Тармак түзүлүштөрү | 45 |
| 4.2-таблица | IP address бөлүштүрүлүшү | 46 |
| 4.3-таблица | . Ethernet пакеттеринин утилизациясы | 47 |
| 5.1.1-таблица | M/M/1 боюнча Литтл формуласынын негизинде натыйжа. | 55 |


## СҮРӨТТӨР ТИЗМЕСИ


| Сүрөт номери | Ачыктоо | бет |
|---|---|---|
| 1.1-сүрөт | Ethernet кадрынын форматы( сүрөттүн жогорку жагындагы цифралар байт катары таалаалардын өлчөмүн көрсөтүшөт) | 3 |
| 1.2.-сүрөт | . Манчестрдик коддун колдонулушу | 4 |
| 1.3. сүрөт | Иш станцияларынын Ethernetке туташуу схемаларынын бир түрү | 5 |
| 1.4-сүрөт | Түйүндөрдөгү кармалуу | 6 |
| 1.5-сүрөт | Наносекунддагы убактылуу коллизия диаграммасы | 7 |
| 1.6-сүрөт | Алгоритмини блок схемасы | 8 |
| 1.7- сүрөт. | CSMA/CD да пакеттин жеңил мезгили | 10 |
| 1.8-сүрөт | Пакеттерди жиберүү ылдамдыгы | 10 |
| 1.9-сүрөт | Магистралдык структураларга ээ жергиликтүү тармак каналына эстафеттик жетүү ыкмасы | 15 |
| 1.10-сүрөт | Кадрдын структурасы | 15 |
| 1.11. сүрөт | Кезектеги пакеттердин саны | 17 |
| 1.12-сүрөт | Пакеттердин кармалуусу | 18 |
| 4.1-сүрөт | Университет тармагынын жалпы структурасы. | 46 |
| 5.1-сүрөт | Кезек модели | 48 |

| | | |
|---|---|---|
| 5.2-сүр өт | Марков чынжыры | 52 |
| 5.1.1-сүрөт. | Изилденүүчү тармак көрүнүшү | 54 |
| 5.2.1-сүрөт | Изилденүүчү система | 61 |
| 5.2.2-сүрөт | Изилденүүчү система | 61 |
| 5.2.3-сүрөт | Изилденүүчү система | 65 |
| 5.2.4-сүрөт | Система | 66 |
| 5.2.5-сүрөт | Экспериментти оптимиздөөчү генератор терезеси | 72 |
| 5.2.6-сүрөт | Оптимизациялоо экспериментинин жыйынтыгы | 73 |

# КИРИШҮҮ

Иштин биринчи бөлүмүндө дүйнөгө кеңири таралган Ethernet тармак технолгиясы боюнча негизги учурлары каралган. Себеби изилдене турган университетибиздин тармагы бул технология негизинде курулган. Кээ бир аспектилерди түшүнүү үчүн Ethernet технолгиясынннын негизги учурлары каралган.

Экинчи бөлүмдө тармактын оптималдаштыруунун теориялык негизгдери каралган. Азыркы учурда тармакты колдонгон бүтүн иш кана, мекемелер үчүн тема эң негизги маселердин бири болуп калууда. Анткени бүтүн электр энергиясы, суу, жылуулук сыяктуу төлөмдөр Интернет аркылуу жүргүзүлүүгө мүмкүн болууда.

Үчүнчү бөлүмдө болсо, тармактын оптималдаштырууга керек болгон теориялык негиздер каралган. Азыркы учурда тармакты колдонгон бүтүн иш кана, мекемелер үчүн тема эң негизги маселелердин бири болуп калууда. Анткени бүтүн электр энергиясы, суу, жылуулук сыяктуу төлөмдөр Интернет аркылуу жүргүзүлүүгө мүмкүн болууда. Ошондуктан аны кандай уюштуруу керек экендиги жана бар болгон тармакты кандай критериялер боюнча изилдөө керектиги баяналат.

Тармактын базалык маанилери аныктоо:

Жергиликтүү тармактын сегмент жана тармак өткөрүмдүүлүгү утилизациясы;

Тармак колдонулган протоколдордун өзгөчөлүктөрү;

Gateway жана сервер аркылуу өткөн трафик;

OSI моделинин Тиркеме деңгээли өзгөчөлүгү;

Тармак жана канал деңгээлинин пакеттеринин статистикасы

Төртүнчү бөлүмдө университетибиз тармагынын негизги параметрлери аныкталган. Айтып кетсек, тармак өткөрүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, топлогиясы, физикалык жана логикалык туташуу жана даректөө маселелери каралган.

Бешинчи бөлүмдө болсо, маселерди жыйынтыктын негизинде GPSS (General Purpose Simulating Program) симуляция программынын жардамы менен жыйынтыкты алып, оптималдаштыруу чекитин таап жыйынтыкты анализдөө.Кезек теориясы *M/M/1* моделинин жардамы менен ишке ашырылган.

Кезек теориясы *M/M/1* моделинин жардамы менен ишке ашырууг:

Тармак каналдарындагы тармак өткүтүүлөрүнүнүн убактысыı;

Канал сыйымдуулугу тандоо;

Марков чынжыры;

# 1. Ethernet технологиясы

## 1.1. Ethernet тармагынын архитектурасы

Азыркы учурдагы физикалык тармак чөйрөлөрү берилиштерди удаалаш жиберүү форматын колдонушат. Бул типке Ethernet технологиясы да кирет. 1973 жылы "Ксерокс" фирмасы Ethernet протоколун ойлоп тапкан, ал эми 1979 жылы Xerox, Intel жана DEC (DIX) фирмалары биригишип, IEEE уюмунда протоколдорду стандартташтыруу документин сунушташкан. 1983 жылы бир аз өзгөртүүлөр менен 802.3 стандарты кабыл алынган. Ethernet пакетини азыркы учурда 1.сүрөттө көрсөтүлгөндөй форматка ээ.

| 7 | 1 | 6 | 6 | 2 | | 4 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Преамбула | SFD | Кабыл алуучунун дареги | Жиберүүчү дареги | Протокол же тип | 1500 чейин берилиштер | CRC | EFD |

1.1-сүрөт. Ethernet кадрынын форматы( сүрөттүн жогорку жагындагы цифралар байт катары таалаалардын өлчөмүн көрсөтүшөт) [1]

**Преамбула** талаасы 7 байттан 0xAA туруп чөйрөнү стабилдештирүү жана синхрондоодо (CD1 жана CD0 сигналдарынын алмашуусу) колдонулат. Пакеттин башталашын аныктоо үчүн **SFD** (Start Frame Delimiter = 0xAB) талаасы, ал эми **EFD** (End Frame Delimiter) талаасы кадрдын бүтүшүн аныктоодо колдонулат. Аппараттык деңгээлде **CRC** (Cyclic Redundancy Check)-контролдук сумма талаасы, преамбула SFD жана EFD аныкталат. Колдонуучу кабыл алуучу адреси жана маалымат талааларына гана жетүү мүмкүнчүлгү бар. Пакеттер арасындагы аралык (**IPG** — Inter Packet Gap – межпакетный интервал) узундугу 96 бит-тактка барабар болсо, анда 10-мегабиттик Ethernet үчүн 9,6 мкс барабар. Пакеттин максималдуу узундугу 1518 байтка барабар.

Интерфейс, сегментке туташтырылган зым аркылуу өткөн бүтүн пакеттердин баарын карап чыгат. Пакеттин тууралуулугун жана кайсы адреске жиберилиши

керектигин билүү, жиберилген пакеттердин баары топтолгондон кийин гана билинет. Кабыл алуучунун адресин аныктагандан кийин гана CRC боюнча пакеттин туралуулугу текшерилет. Пакеттин ката ыктымалдуулугу CRC контролдоосу боюнча ~$2^{-32}$ барабар. CRC эсептөөдө R(x)полиномунун жардамы менен аныкталат.

$$R(x) = x^{32} + x^{26} + x^{23} + x^{22} + x^{16} + x^{12} + x^{11} + x^{10} + x^{8} + x^{7} + x^{5} + x^{4} + x^{2} + x + 1.$$

Тармакта берилиштерди жиберүү жана синхрондоо үчүн манчестердик код колдонулат. Ар бир бит-символ эки бөлүккө бөлүнүп, экинчи бөлүгү биринчи бөлүккө карата инвариянттуу болот. Биринчи бөлүктө коддолгон сигнал логикалык толукталган түрдө көрсөтүлүп, ал эми экинчи кадимки абалдында жиберилет. Ошентип 0 – CD0 логикалык сигналдын биринчи жарымы HI (+0,85 В) деңгээли менен, экинчи бөлүгүндө болсо, LO (-0,85 В) менен мүнөздөлөт. Ушуга байланыштуу CD1 биринчи бит символ бөлүгүндө LO, ал эми экинчи HI менен аныкталат. 2. сүрөттө манчестирдик код сигналдык формат түрүндө көрсөтүлгөн. Сигналдын жогорку деңгээли +0,85 В, ал эми төмөнкү деңгээли -0,85 В барабар.




1.2.-сүрөт. Манчестрдик коддун колдонулушу[1]

Ethernet технологиясынын жардамы менен курулган тармак схемасынын түзүлүшү.




1.3. сүрөт. Иш станцияларынын Ethernetke туташуу схемаларынын бир түрү. [1]

Fast Ethernet тармактарында коллизия терезесинин максималдуу мааниси 5,12 мкс барабар болуп, канал убактысы (slot time) деген аталышка ээ. Бул убакыт 64 байт пакеттин минималдуу узундугу менен дал келет.

Кыска пакеттерде коллизия байкалбайт. Коллизия терезеси пакеттин биринчи битти жиберилгенден баштап сегменттеги мүмкүн болгон түйүндөрүндө коллизиянын келип чыгышы күтүлөт. Түйүндөр арасында сигналдын таркалуусу, таркалуу убактысынын эки эселенген убакытына барабар-(RTT). Fast Ethernet тармагынын конфигурациясында, эгер канал убактысындан коллизия убактысы ашып кетсе, анда тармакта ката бар деп табылат.

Түйүндөрдөгүканал жана коллизия убактысы боюнча көз карандылыкты байкоо үчүн 4. сүрөттү караңыз[1].



1.4-сүрөт. Түйүндөрдөгү кармалуу.

Кайталоочунун (repeater) физикалык деңгээлде эки порт арасында жана кайталоочунун өзүнүн кармалуусунун суммасынын негизинде алынат. Физикалык деңгээлде тармак интерфейсинин кармалуусу 250 нс барабар. Мисал катары 1.4-сүрөттөгү A, B жна C түйүндөрүнүн кармалуусун карап чыксак болот. Ал кармалуу 1.1-таблицада көрсөтүлгөн

Таблица 1.1 Түйүндөрдөгү кармалуу[1]

| | |
|---|---|
| A →B | 250 + 110 + 700 + 11 + 250= 1321 нс |
| A →C | 250 + 110 + 700 + 495 + 250= 1805 нс |
| B →C | 250 + 11 + 700 + 495 + 250= 1706 нс |

A кадр жибергенде, B жана C алып жүрүүчүнү байкашат. Качан B жана C түйүндөрү кадрдын бүтүшүн байкагандан кийин, алар IPG таймерин кое беришет. A түйүнү да IPG таймерин биринчилерден болуп кое берет. 1.5. сүрөттө тармак сегменттинде бул процесстердин диаграммасы көрсөтүлгөн. B түйүнү A түйүнүндөн кийин 1321 нс баштайт, ал эми A түйүнүндөн кийин  C түйүнү жиберүүнү 1805 нс кийин башатйт.




1.5-сүрөт. Наносекунддагы убактылуу коллизия диаграммасы[1]

B түйүнү IPG-таймери иштеп баштагандан тарта жиберүүнү баштаса, ал эми 484 наносекундадан кийин C түйүнү жиберүүнү баштайт. Бул учурда канал бош болуп эсептелет. Кадрлардын кагылышуусу боло элек, коллизия жок. B түйүнүндөн чыккан биринчи бит C түйүнүнө жетүү үчүн 1706 нс талап кылынат. C түйүнү

кагылышууну 3987 нс ичинде биринчи каттайт. Мындан кийин С түйүнү 320 нс ичинде JAM сигналы жиберүүсүн улантат. JAM сигналы кайталоочу тарабынан коллизиянын катталуусун гарантиялайт. В түйүнү 484 нс кийин гана коллизияны байкап, JAM сигналын жибере баштайт. Бул учурда JAM сигналы жиберилген пакеттин контролдук суммасы катары кабыл алынат.

CSMA/CD алгоритми

CSMA/CD (Carrier Sense Multiple Access with Collision Detection — множественный доступ с контролем несущей и обнаружением коллизий) - 802.3 технологиясы жергиликтүү тармактагы кагылышууну текшерүү менен жалпы чөйрөгө көптүк жетүүнү контролдоо менен ишке ашат. CSMA/CD протоколу борборлоштурулбаган квазилистик окуяларды камтыйт. Ал кадимки Ethernet сыяктуу тармактарда жана жогорку ыламдыктагы Fast Ethernet, Gigabit Ethernet да колдонулат.

CSMA/CD схемасы колдонулса, анда тармак протоколу деп да аталат. CSMA/CD пртоколу OSI моделинин каналдык деңгээлинде иштейт.

CSMA/CD алгоритмиини ишке ашырууда жалпыланган блок схемасы көрсөтүлгөн. Ал эми бул алгоритмдин ишке ашыруунун бир канча түрлөрү бул бөлүмдө айтылат.[1]




1.6-сүрөт. Алгоритмини блок схемасы[1]

***CSMA/CD*** Кагылышууну текшерүү менен эркин жетүү

Бул ыкма магистралдык структураларда көп колдонулат. Система каналды басып алып, каалаган убакытта жиберүүнү баштайт. Борбордук башкаруу жок болгондуктан эки же андан көп система бир эле убакта пакеттерди жиберүүсү мүмкүн. Бул учурда кагылышуу башкача айтканда бир эле убакытта жиберилген пакеттердин интерференциясы пайда болуп, жиберилген пакеттерде туура эмес өзгөрүүлөр пайда болот. Ушундан улам пакетти жиберген ар бир система кагылышууну билишет. Бул жерде каналдан алынган бит каналга жиберилген биттер менен салыштырылат. Эгер жиберилген жана кабыл алынган пакеттер арасында дал

келүү болбосо, анда каналда кагылышуу болду деп эсептейт. Эгер система кагылышууну билсе, анда ал бир канча убакытка пакеттерди жиберүүнү токтотот. Кайрадан кагылышууну пайда кылбоо максатында, ар бир система кайрадан жиберүүнү кокустук чоң орточо мааниге ээ убакыт бирдигинде жиберүүнү баштайт.

Жиберүүдөгү кармалуу кокустук мааниде пайда болуп, $[0, \tau_{max}]$ интервалында бирдей таркатылат. Бул жерде $T_{max}$ кайрадан жиберүүдөгү максималдуу кармалуу. Кагылышуудан улам физикадык каналдын номиналдуу өткөрүмдүүлүгүнө караганда реалдуу өткөрүмдүүлүгү аз болот.

Өткөрүмдүүлүктү математикалык тюнтма катары жөнөкөйлөтүү максатында *T* убагында жиберилген пакеттердин саны физикалык каналда бир пакеттин жиберилүүсү боюнча эсептелет.

Физикалык канал боюнча бир пакеттин жиберилүү *T* убактысы *терезе* деп аталат. Терезе *T=L[V, L*-пакеттин узундугу (б.а. кадр) жана *V*-физикалык каналдын өткөрүмдүүлүгү бит/с барабар. Мононкаалдын өткөрүмдүүлүгүн эске алып, S –бир терезеде жиберилген орточо пакеттердин саны менен мүнөздөсө болот. $S \leq 1$ экени белгилүү.

Кагылышууну текшерүү менен эркин жетүүдө моноканалдын тармак өткөрүмдүүлүгү төмөнкүчө эсептелет. *2T* мезгилинде кагылышуу болбогондуктан, аны жеңил мезгил деп атап, ал мезгилде бир гана пакет жиберилет.

Эгер жеңил мезгил убагында, башка бир пакет жиберилсе, анда биринчи терезеде же экинчи терезеде кагылышуу пайда болот.

Жөнөкөй түшүнүү үчүн берилиштерди жиберүү суроо-талабынын агымы, бири биринен көз карандысыз иштеген системалардын чексиз санын жаратып, жыйынтыкта суроо-талаптын пауссондук агымынынын бир терезеде G-суроо талабынан суммардык интенсивтүүлүгүн жаратат.

Кагылышуусуз пакеттерди жиберүү ыктымалдуулугу жеңил мезгилинде бир пакеттин келсүүсү $q = e^{-2G}$ га барабар. Мындан улам, *G* пакеттин бөлүгү кемтиксиз жиберилип, кемтиксиз жиберилген агымдардын интенсивдүүлүгү

$S = Ge^{-2G}$ (1.1) барабар.

Моноканалдын тармак өткөрүмдүүлүгү S мааниси *G*-суроо талап агымынын интенсивдүүлүгүнөн көз каранды. Бир терезедеги суроо талап *G*=0,5 барабар болгондо максималдуу өткөрүмдүүлүккө ээ болот.

Бир терезедеги пакет узундугу $S = 1/(2e) \approx 0,184$ (1.2) менен эсептелет.

Ошентип, CSMA/CD берилиштерди жиберүү үчүн каналдын 18,4 % сыйымдуулугун колдоно алат.

М моноканалдын өткөрүмдүүлүгү $S = G(1 - G/M)^{M-1}$ (1.3) менен эсептелет.




1.7- сүрөт. CSMA/CD да пакеттин жеңил мезгили[2].




1.8-сүрөт. Пакеттерди жиберүү ылдамдыгы[2].

$M \to \infty$ болгон учурда көз карандылык (1.1) көрүнүшүнө өтөт.Пакеттерди жиберүү аракетинин саны пакеттердин кармалуусунан көз каранды, кармалуудан кийин кайрадан жиберүү кокустук окуя болуп эсептелет. $q = S / G$ катышы кемтиксиз жиберилген пакеттердин санын мүнөздөйт, б.а. кагылышуусуз жиберилген пакеттердин ыктымылдуулугун аныктайт. Ийгиликтүү жиберүүлөрдүн аракетинин саны $p_n = (1-q)^{n-1}q, n = 1, 2, ...$ геометриялык кокустук саны. $p_n$ чоңдугу менен мүнөздөлүп, n-жолу пакеттерди жиберүү аракеттеринин ыктымалдуулугун көрсөтөт. Орточо аракеттер саны $\bar{n} = 1/q = G/S$ *(1.4)* менен эсептелет.

Моноканал аркылуу пакеттерди жиберүүдөгү орточо кармалуу

$U = \bar{n}\tau + T = \frac{G}{S}\tau + T$ *(1.5)* барабар. Бул жерде $\tau$ кайрадан жиберүүлөрдүн орточо кармалуусу катары алынып, жалпысынан алганда $\bar{\tau}$ нормалдаштырылган көрүнүштө - *T* узундугундагы терезелердин санын көрсөтөт. Бул учурда нормалдаштырылган орточо пакеттер, терезелердин саны менен аныкталат.

$U_H = \frac{G}{S}\bar{\tau}_H + 1$ *(1.6)* Бул жерде $\bar{\tau}_H$ –кайрадан жиберүүлөрдүн нормалдаштырылган кармалуусу. *G* суроо талаптын интенсивдүүлүк агымынын жиберүүдөгү кармалуудан көз каранды, $\bar{\tau}_H$ канчалык аз болсо, ошончолук *G*- суроо талап интенсивдүүлүгү чоң болот. Ошондуктан ар бир система $\bar{\tau}_H$ азаюуусу менен тез тез каналга кайрылуу жасайт.

Эгер кармалууну азайтып көрсөк, суроо талап интенсивдүүлүгү көбөйөт, пакеттерди жиберүү ылдамдыгы *S* берилиштерди жиберүү суроо талабы ылдамдыгына караганда артта калат.

Бул учурда натыйжа каалагандай болбойт. Жиберилүүгө күтүлүп жаткан пакеттердин саны көбөйүп, ал эми жиберүү ылдамдыгы бир топко азаят. Натыйжада система туруктуулугун жоготот.

Мындай учурдун келип чыкпашы үчүн суроо талаптын интенсивдүүлүк агымын чектөө керек. Терезедеги пакеттин саны 0,5 ашпашы керек.

Эркин жетүү менен системанын турактуулугу. Ошентип, CSMA/CD каналдын сыйымдуулугун бир топ азайтат. Бирок бул ыкманы ишке ашыруу оңой, кагылышууну билүү менен кайрадан жиберүү кокус кармалуусун формировкалоо менен ишке ашат. Ишке ашыруунун жөнөкөйлүгү адаптерлердин ишенимдүүлүгүн көбөйтүп, ошондон улам моноканалдын баарына таасир этет. Бул ыкманын кемчилдиги пакеттерди жиберүү үчүн суроо талап агымынын пульсациясындан улам туруктуулукту жоготуу ыктымалдуулугу бар.

**Кагылышууну текшерүү менен синхрондук эркин жетүү.**

Бул ыкма негизинен магистралдык структураларда колдонулат. Жеңил мезгилди азайтуу үчүн система синхрондолот б.а. бардык системалар бир эле убакта жиберүүлөрдү баштайт. Синхрондоо бир пакетти жиберүү үчүн колдонулган *T*-терезесинин узундугуна барабар. Жыйынтыкта жеңил мезгилди синхрондоо менен бир терезеге чейин азаят. Эгер бир терезеде бир же эки система пакеттерди жибере баштаса, анда пакеттердин кагылышуусу пайда болуп, бул терезеден жиберүү мүмкүн эместиги жөнүндө маалымат таркатылат.

Мындан кийин ар бир система кокустук түрдө $\tau_H = 1,\ldots,T_{max}$ кармалуусун иштеп чыгат. Система терезеге кайрадан пакет жиберет, терезе аркылуу кийинкиси $(\tau_H - 1)$ убакыттан кийин жиберилет. Эгер кайрадан кагылышуу пайда болсо, анда $\tau_H$ жиберүү кармалып, процесс кагылышуусуз жиберүү аткарылганга чейин аткарылат.

CSMA/CD үчүн системанын чексиздик санында М моноканал аркылуу пакеттерди жиберүү ылдамдыгы $S = Ge^{-G}$ (1.7) менен эсептелет.

системанын саны М ге барабар болгон учурда

$S = G(1 - G/M)^{M-1}$ (1.8) менен эсептелет.

Бир терезеге суроо талап *G* = 1 болгон учурда пакеттерди жиберүү ылдамдыгы максималдуу маанисин алып, $S = 1/e \approx 0{,}368$ *(1.9)* бир терезедеги пакет менен эсептелет. Ошентип CSMA/CD моноканалдын өткөрүмдүүлүгү эки эсе көбөйөт, ал эми физикалык каналдын өткөрүмдүүлүгү 37 % аз эмес маанини алат. Пакеттерди жиберүүдөгү орточо кармалуу (1.4), (1.5) формулалары менен эсептелет, ал эми кайрадан жиберүүдөгү нормалдаштырылган орточо кармалуу $\tau_{\text{Д}} = \tau_{\text{шк}} / 2$ менен аныкталат. СДПС караганда ССДПС да моноканалдын сыйымдуулугу бир топ көбөйөт, бирок сигналдарды синхронизациялоо генератору жана аларды жиберүү сызыгын талап кылат. Натыйжада каржамалар көбөйүп, моноканалдын ишенимдүүлү азят. Системада жибериле турган пакеттери бар болсо, жибererден мурун моноканалдын абалын текшерет, б.а. берилиштерди жибере турган сигналдар барбы же жокпу (жыштыкты алып жүрүүчү сигнал, потенциалдык жана импульстук) текшерет. Каналдын абалын *алып жүрүүчүнү жардамы* менен текшерүү аткарылат. Эгер канал бош болсо, системанын адаптери пакеттерди жибере баштайт. Эгер канал бош эмес болсо, анда пакеттерди жиберүү орточо маани *T/2 убакытка* токтотулат.

*Алып жүрүүчүнү* текшерүү менен кагылышуу ыктымалдуулугу бир топ азаят. Эгер бир учурда эки система жиберүүнү баштаса, анда кагылышуу болот, бирок практикада мындай учурлар сейрек кездешет. Жыйынтыкта каналдын өткөрүмдүүлүгү, б.а. берилиштерди жиберүү ылдамдыгы жогорулайт.

СДПН учурунда берилиштерди жиберүү ылдамдыгы төмөнкүчө эсептелет. Тармактагы эки түгөй системаларда сигналдын таркалуу убактысы бирдей болуп, *a*-барабар. Бул убакыт пакеттердин кагылышуу ыктымалдуулугуна таасир тийгизет. Эгер бир система *t* убакыт моментинде жиберүүнү баштаса, экинчи система $t + \delta$ убакыт моментинде, бул жерде $\delta < a$ болгон учурда, пакеттердин кагылышуусу болот. Анткени убакыт ичинде жиберүү башталгандан кийин кайсы система болбосун канал бош катары кабыл алат.

*a* интервал аралыгында бир дагы система жиберүүнү баштабайт, ал ыктымалдуулугу $e^{-aG}$ барабар. Бул жерде - моноканал боюнча сигналдардын таркалуу номалдаштырылган убактысы катары $\alpha = a/T$ менен эсертелет. Моноканал боюнча жиберүү ылдамдыгы $S = \dfrac{Ge^{-aG}}{G(1+2\alpha)+e^{-aG}}$ *(1.10)* барабар болуп,

бул жерде $\alpha \to 0$,

$\lim\limits_{\alpha \to 0} S = \dfrac{G}{G+1}$ (1.11) барабар.

Канал боюнча аз убакытта сигналдардын таркалуусу $(\alpha \ll T)$ пакеттерди жиберүү *G* -суроо талап агымынын интенсивдүүлүгү моноканал боюнча пакеттерди жиберүү ылдамдыгы өсүп, физикалык каналдын өткөрүүлүгүнө жакындайт. Пакеттерди жиберүүдөгү нормалдаштырылган орточо кармалуу

$U_H = (1+\alpha)+(G/S-1)(2\alpha+1+\tau_H)$ (1.12) барабар.

*Сигналды алып жүрүүчү* тармак адапторуна орнотулуп, моноканалдын өткөрүмдүүлүгү бир топ жогорулайт. Бирок СДПК таркатуу убактысы акыркы болгондуктан, б.а. бир убакытта эки же андан көп системалар жиберүүнү башташы мүмкүн.

Кагылышууну жок кылуу эки жол менен аткарылат. Биринчиден, адаптерлерге кагылышууну текшерүүчү схема орнотулушу керек. Бул учурда (СДПНС). Каналга жетүү кагылышууну жана сигналды алып жүрүүчү текшерүү менен ишке ашат. Экинчиден, кагылышууну жок кылуу үчүн квитанция механизми жана кайрадан суроо талап кылуу менен ишке ашыруу керек. Бул учурда жиберип жаткан система кагылышууну жана пакеттердин туура же туура эместигин текшербейт.

Пакеттерди алып жаткан система келген пакеттерди жиберилгендин контролдук суммасынын жардамы менен пакеттин удаалаштыгын текшерүү менен аныктайт. Эгер пакетте ката чыкпаса, пакеттерди кабыл алгандыгы тууралуу квитанция

жиберүүчүгө багытталат. Квитанция жок болсо, тайм-аут убакытысы бүткөндөн кийин жиберүүчү система кайрадан пакетти кабыл алуучуга жиберет.

**Эстафеттик жетүү.**

Магистралдык структураларда эстафеттик жетүү колдонулат. Системанын тармак адапторлору моноканалга туташтырылып, шакек чынжыры түрүндө адаптерлер арасында эстафета-моноканалга жетүү сигналы менен байланышат. Эгер адаптордо жиберилүүчү пакет жок болсо, анда ал эстафетаны кийинки адапторго жиберет. Эгер адатордо жибериле турган берилиштер бар болсо, анда эстафетанынын келиши менен пакеттерди жиберүү башталып, жиберүү бүткөндөн кийин эстафетаны кийинки адаторго жиберет.

Эстафеттик жетүүдө толугу менен тармак өткөрүмдүүлүгүн колдонот. Пакетти жиберүү убагы *NT* ашпайт, бул жерде *N* тармактагы активдүү системалардын саны, *T*-канал боюнча пакеттерди(канал) жеткирүү убагы. Ар бир система тең укука ээ болуп, 1/(*NT)* дан кем эмес жыштыкта жиберүү укугун алат.




1.9-сүрөт. Магистралдык структураларга ээ жергиликтүү тармак каналына эстафеттик жетүү ыкмасы[2]

| ПНК | Кабыл алуучу дареги | Жиберүүчү дареги | Берилиштер | *ПКК* |
|---|---|---|---|---|

1.10-сүрөт.Кадрдын структурасы[2].

Каналга шакек түрүндөгү эстафеттик жетүү, *маркер* жардамы менен ишке ашат, ал удаалаш түрдө шакек түрүндө бир системадан экинчи системага жиберилип турат. Маркер катары атайын дайындалган пакеттердин разряды – *ПНК* кадрынын башталыш бит удаалаштыгы (1.10 сүрөт). колдонулат.

Эгер система пакеттерди жиберүүгө даяр болсо, анда келген маркерди кармап алып, кадрды каналга жиберет. 1.10 сүрөттө структурасы көрсөтүлгөн. Кадр кийинки системага жиберилет, ага дайындалбаган пакет болсо, анда ал кийинки системага жиберет. Ар бир система кадрдагы кабыл алуучунун адреси менен өзүнүн адресин текшерет. Эгер адрестер дал келсе, бир эле учурда берилиштерди өзүнө алуу менен маркер кийинкисине жиберет.

*ПКК* кадрынын соңку удаалаштыгында атайын бөлүнгөн атайын биттердин жардамы менен система тарабынан алынган пакеттер аныкталат. Пакетти жиберген система маркер келгенче, жиберүүчү абалында болот. Мурун жиберилген кадрды жиберген тарап кабыл алуу менен эстеги текстик берилиштер менен кабыл алуучу бит маанисин текшерип, жиберилген пакеттердин тууралуулугун анализдеп, маркерди кийинки системага жиберет. Маркерди алган система берилиштерди жиберүү укугуна ээ болот. Эгер системада жибериле турган берилиштер жок болсо, анда ал маркерди кийинки системага жиберет. Ошентип маркер шакек түрүндө удаалаш ар бир системага кезеги менен жиберилет. Жергиликтүү тармакты ишке киргизүүдөн мурун маркерди формалдаштырыш (ырастоо) керек. Маркердин формулировкалоо функциясы бир же бир канча системага дайындалат. Эгер каналга таасир этүүчү жолтоо (помех ) болсо, анда маркер жоголушу мүмкүн. Маркердин жоголушу негизги компьютерде тайм-аут жардамы менен аныкталат, анын тайм-аут мааниси шакек боюнча маркерди жиберүүнүн максималдуу узундугуна барабар. Эгер маркер жоголсо, анда негизги система маркерди автоматтык түрдө же администратордун жардамы менен кайрадан жаратат.

Эркин жетүү моноканалынын туруктуулугу.

Каналга эркин жетүү жиберилүүгө күтүлүп жаткан пакеттердин саны, канал боюнча пакеттери жиберүү ылдамдыгынан жана пакеттерди кайрадан жиберүүнүн орточо кармалуусу менен аныкталат. Пакеттерди жиберүү ылдамдыгы пределдик мааниге ээ СДПС үчүн бир терезеге 0,184 пакет дал келет.

Пакеттерди кайрадан жиберүү менен аныкталган кармалуу мааниси аркылуу пакеттердин келүү интенсивдүүлүгүн көбөйтүү менен каналдын өткөрүмдүүлүгүн көбөйтөт.

Жиберилүүгө күтүлүп жаткан, жана кайрадан жиберилие турган *m* пакеттердин саны пакеттердин жеткирүүдөгү кармалуудан анчалык көп болбойт. Бирок эгер убакыт моментинде пакеттердин келүү ылдамдыгы пределдик өткөрүмдүүлүктөн ашып кетсе, анда канал жиберилүүгө даяр *m* пакеттер санына барбар. Ушундан улам пакеттерди жиберүүдөгү кармалууда чоң мааниге ээ. Бул режимде жиберилиүүгө даяр пакеттердин көп санындан улам, *m*-өткөрүмдүүлөктүн көбөйүүсү менен кагылышуу ыктымалдуулугу көбөйөт.




1.11. сүрөт. Кезектеги пакеттердин саны[2].

.

1.12-сүрөт. Пакеттердин кармалуусу[2].

$m = f(S, \tau_H)$ көрсөтүлгөн көз карандысыздыка таянып, суроо талап агымы пульсациясынын пакеттерди жиберүүгө карата эффективдүүлүгүн эсептейбиз. Каналга *M*-систем туташса, анда *S**- интенсивдүүлүк менен жиберилиүүгө келген пакеттер деп эсептесек болот. Бул жерде ар бир система, $\sigma = S^* / M$ ыктымалдуулук менен жаңы пакетти пайда кылат. Каалаган убакыт учурунда *t* каналга жүк $[m(t), s(t)]$, вектору аркылуу аткарылса, бул жерде *m(t)* – кайрадан жиберүүгө күтүлүп жаткан пакеттердин (системалардын) саны, *s(t)*–жаңы пакеттердин келүү ылдамдыгы, б.а. терезе убагындагы жиберилүүгө келген пакеттердин саны менен мүнөздөйбүз. Каналга жүк $[m(t), s(t)] = [m, (M - m)\sigma]$, бул жерде $(M - m)$ системасы тарабынан жаралган $(M - m)\sigma$ – жаңы пакеттердин саны, ар бири *a* ыктымалдуулук менен пакеттерди алышат.

Жиберилүүгө даяр *m* пакеттердин санынын көбөйүшү менен жаңы пакеттердин келүү ылдамдыгы $s(t)$ сызыктуу азаят, системанын саны да азаят. 12 сүрөттөгү штрихтелген . $m = M - S / \sigma$ сызык каналдын жүктөлүү сызыгы деп аталат.

Эгер $t$ убакыт моментинде жаңы пакеттердин келүүсү $s(t)=S^*$ барабар, каналдын жүгү $\left[m(t), s(t)\right]=\left[0, S^*/\sigma\right]=\left[0, M\right]$ барабар. Эгер пакеттердин келүүсү нөлгө жакындаса, анда жүк $\left[m(t), s(t)\right]=\left[M, 0\right]$ барабар.

Моноканалга жиберилүүгө келген пакеттердин пульсациясы сызык боюнча *(m, S)* эки чекит жылдырылуусу менен интерпретацияланат. Ийри $m=f(S,\tau_H)$ менен жүк сызыгынын кесилиш чекити каналдын иш чекити деп аталат.

$\tau_H=5$ кармалуусу менен эки иш чекити пайда болот $A_5$ жана $B_5$. Эгер жүк сызык ийриси $m=f(S,\tau_H)$ сызыгы менен жок дегенде бир чекит аркылуу кесилишсе, анда канал туруктуу деп эсептесек болот. Эгер кесилишпесе, анда туруктуу эмес болот.

Туруктуу режим менен мүнөздөлгөн жиберилүүгө даяр пакеттердин санынын көбөйүшү өткөрүмдүүлүтүн көбөйүшүнө жол ачып, ал аркылуу *кезек* сорулуп кетет. Туруксуз режимде пакеттердин көбөйүшү менен кезектеги жиберилүүгө даяр пакеттердин саны көп болсо, анда тармак өткөрүмдүүлүгү азайып, канал ишсиз абалына өтөт. Бул учурда ар бир система кагылышуудан улам жиберүү үчүн пакеттерин сактап аны жибере алышпайт. Бул учурда система сырттан кийлигишүүнүн негизинде гана таасир алат.

1.12-сүрөттө көрүнүп тургандай, система тарабынан жаралган $S^*$ пакеттердин интенсивдүүлүк агымы, аныкталган каналдын пределдик өткөрүмдүүлүгү катары алынып, андан тышкары кайрадан жиберүүдөгү кармалуу убактысынын келишиминин (биргелишүүсүнүн) негизинде канал туруктуулугу камсыз болот. $S^*$ пакет агымынын интенсивдүүлүгү каналдын пределдик өткөрүмдүүлүгүндөн аз болушу керек, канчалык аз болсо, жүктүн пульсациясында туруктуулукту жоготуу ыктымалдуулугу аз болот. Кайрадан жиберүүдөгү орточо кармалууну көбөйтүү керек. Жыйынтыкта кагылышуу учурунда кайрадан жиберилген пакеттердин интенсивдүүлүгү азаят.[2]

Классикалык ыкма CSMA караганда берилиштерди жиберүү мегилинде CSMA/CD ыкмасы кагылышууну (коллизия) табуу амалы менен коштолгон. Бул ишенимдүүлүктү артырат.

**Пакеттердин форматы**

Ethernet жана Fast Ethernet тибиндеги диаграммасы жана пакеттердин узундугу боюнча төмөндөгү терминдер колдонулат.

**IPG (Interpacket(interframe) gap**-пакеттер арасы аралык)- жиберилген пакеттер арасындагы минималдуу убакыт аралыгы (Ethernet үчүн 9,6 мкс, Fast Ethernet үчүн 0,96 мкс), башкача аталышы кадрлар арасы аралык;

**BT (Bit Time**, бит убактысы)- бир битти жиберүүдөгү убакыт аралыгы;

**PDV (Path Delay Valu**e – жолдогу кармалуу мааниси) – эки түйүн арасындагы сигналдын жиберилүү убактысы. Кабелде, тармак картасында, кайталоочуларда жана башка түзүлүштөрдөгү кармалуу убакытсы;

**Collision window** (коллизия терезеси) - берилген сегмент үчүн PDV максималдуу мааниси;

**Collision domain (**коллизия аймагы, конфликт зоонасы) – коллизия тараган тармактын бир бөлүгү;

**Slot time** (канал убактысы-51,2 мкс (512-BT) - сегмент үчүн мүмкүн болгон максималдуу коллизия терезеси;

**Minimum frame size**-минималдуу пакеттин узундугу (512 бит, же 64 байт);

**Maximum frame size**-максималдуу кадрдын узундугу (12144 бит, же 1518 байт);

**Maximum network diameter** (тармактын максималдуу диаметри) – коллизия терезеси Slot time (канал убактысы) маанисинден ашпаган сегменттин мүмкүн болгон узундугу;

**Truncated binary exponential back off** (Усеченная двоичная экспоненциальная отсрочка) – коллизиядан кийинки пакеттердин жиберилүү ракеттине чейинки кармалуу, Rand(0.2 min N-IO>) *512*BT. Бул жерде N- аракет (попытка) эсептегичинин мааниси, a,b диапазонундагы нормалдуу таркаган бүтүн

кокустук сандын генератору Rand(a,b). Бул параметрдин дискретүү өзгөрүшү, пакеттин минималдуу узундугуна же тармакта PDV сигналынын таркалуусундагы мүмкүн болгон максималдуу эки эселенген кармалууга барабар;

**Attempt limit-** аракеттердин предели -16;

**Jam sıze -** jam сигналынын өлчөмү-32 бит

**Backoff limit-** кармалуу предели 10;

**Develop two packet pair techniques—initial gap increasing (IGI) and packet transmission rate (PTR)—to characterize the available bandwidth on a network path.**

**Round Trip Time -** (ICMP Echo-Request) суроо талабын көрсөтүлгөн түйүнгө жиберип, (ICMP Echo-Reply) ал түйүндөн келген жоопту кабыл алат. Суроо талап жиберип, кабыл алуу арасындагы убакыт (RTT, от англ. Round Trip Time) эки тараптуу кармалуу жана маршрут жана пакеттердин жоготуу жыштыгын аныктайт. Башкача айтканда, берилиштерди жиберүүдөгү каналдын жүктөлүүсүн аныктоого жардам берет.

CSMA/CD ыкмасын колдонгон тармакта тармак өндүрүмдүүлүгүн эсептөө. Айтып кетчү нерсе, тармактын өндүрүмдүүлүгү мүнөздөгөн үч бири бирине байланышкан көрсөткүтөрдү карап чыгалы. Биринчи идеалдуу абалда-кагылышуу жок жана пакеттердин үзгүлтүксүз жиберилүүсү IPG пакеттер арасы интервал менен бөлүнгөн учурундагы абалды карасак болот. Мындай абал эгерде бир эле абонент активдүү болуп максималдуу ылдамдык менен жиберген учурда гана мүмкүн. Тармак өткөрүмдүүлүгүнүн максималдуу колдонулбашы, биринчиден IPG интервалынын бар болушу жана Ethernet пакетинин кызматтык талааларынын бар болушундан улам чыгат.

Кызматтык маалыматтардын үлүшү пакеттин максималду узундугуна караганда бир топ эле аз болуп калат. 12304 бит (IPG бирге) алардын 12000 бит пайдалуу берилиштер болуп саналат.

Ошондуктан пакеттердин максималдуу жиберүү ылдамдыгы (б.а. кабелдеги ылдамдык –wire speed) 1.2-таблицада көрсөтүлгөн.

| Пакеттин түзүлүшү | Пакет минималдуу өлчөмү |
|---|---|
| IPG (Interpacket(interframe) gap-пакеттер арасы аралык) 9,6 Ms | 12 байт |
| Mac Preamble(+SFD) | 8 байт |
| Mac Destiation Address | 6 байт |
| Mac SourseAddress | 6 байт |
| Mac Type (or length) | 2 байт |
| Pay load(Network Protocol Data Unit-PDU) | 46 байт |
| Check Sequence (CRC) | 4 байт |
| *Total Frame Physical Size* | 84 байт |

1.2-таблица. Минималдуу *Ethernet* пакеттинин структурасы

Секундада жиберилген максималдуу пакеттердин саны/максималдуу өткөрүмдүүлүкө болгон катышынын негизинде тармак утилитасын эсептөөгө болот.

10 000 0000/(84*8)=14 880 секундасына пакеттердин саны

| **Пакеттин түзүлүшү** | **Пакет максималдууу өлчөмү** |
|---|---|
| IPG (Interpacket(interframe) gap-пакеттер арасы аралык) 9,6 Ms | 12 байт |
| Mac Preamble(+SFD) | 8 байт |
| Mac Destiation Address | 6 байт |
| Mac SourseAddress | 6 байт |
| Mac Type (or length) | 2 байт |
| Pay load(Network Protocol Data Unit-PDU) | 1500 байт |
| Check Sequence (CRC) | 4 байт |
| *Total Frame Physical Size* | 1538 байт |

1.3-таблица. Максималдуу *Ethernet* пакеттинин структурасы

Каналдын өткөрүмдүүлүгү секундасына жиберилген берилиштердин (бит) саны *Frame rate*Size of Frame Payload* менен аныкталат.

812.74*(1500*8)=9752880 Мбит/с.

Тармактын физикалык ылдамдыгынын эффективдүү колдонулушу Ethernet үчүн пайдалуу берилиштердер карата аткарылат.

8127,44 пакет/с*12000/10е бит/с=97.5%[3]

# 2. Жергиликтүү тармакты оптимизациялоодо негизги маселелер

1. Жергиликтүү тармакты оптимизациялоодо негизги маселелер

Тармактынтын эффективдүү иштөөсүн кааласак, анда төмөндөгү эки маселени аныкташыбыз керек.

1. Тармактын *эффективтүүлүк критериясын* формулировкалап алышыбыз керек. эффективтүүлүк критериясын аныктап көргөнүбүздө тармактын конкретүү көрсөткүчтөрү боюнча тармактын *өндүрүмдүүлүгүн*, *ишенимдүүлүгүн* аныктап алышыбыз керек. Миаслы реакция убактысы жана даярдык коэффициенти.

2. Эффективтүүлүк критериясына кыйыр же түз таасир эткен көптөгөн вариацияланган параметрлерин аныкташыбыз керек. Бул параметрлер чынында эле биз каалаган пределде вариацияланышы керек. Мисалы, кандайдыр бир протоколдун пакетинин өлчөмү конкретүү иштетүү системасында автоматтык түрдө аныкталып, параметрлерин өзгөртө албасак, анда бул вариацияланылбайт. Эгерде ушул эле параметр башка иштетүү системасында администратор тарабынан өзгөртүлсө, анда ал вариациялануучу параметр болуп эсептелет.

Бардык вариацияланувучу параметрлер ар кандай негиздерде группаланышы мүмкүн. Мисалы, конкретүү протоколу (Ethernet протоколунун кадрынын максималдуу өлчөмү же TCP протоколу пакетинин такталбаган (не подверженных) терезесинин өлчөмү) же түзүлүштөрдүн параметрлери (адрестик таблицанын өлчөмү же мост филтрлөө ыдамдыгы, маршрутизатордун ички өткөрөмдүүлүк мүмкүнчүлүгү) боюнча болушу мүмкүн.

3. Эффективтүүлүк критериясы үчүн сезимдүүлүк чекитин (порог чувствительности) аныктоо керек. Тармактын иштөөсүн логикалык маанисин иштейт же иштебейт деп тармактын өндүрүмдүүлүгүн баалай турган болсок, анда оптимизациялоодо иштебейт диагностикасын иштейт деген иштөө абалына алып келишибиз керек. Андан тышкары башка абалга көңүл бурсак, иштеп жаткан

тармактын параметрлеринин (мисалы, кадрдын узундугу же тастыкталбаган пакеттердин терезесинин узундугу) өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында (мисалы, реакция убактысынын орточо мааниси) аракеттер да тармактын өндүрүмдүүлүгүн тыкан ырастоо (тонкая настройка) деген терминдин негизинде аныкталат.

Ошентип тармакты оптимизациялоону үчкө бөлүп карасак болот.

Тармакты кандай болбосун иштөө абалына алып келүү. Көбүнчө бул маселе биринчилерден болуп чечилет.

Тармактын элементтерин бузук жерлерин издөө-кабел, разъем, адаптер, компьютер болушу мүмкүн.

Аппараттык жабдык менен программдык жабдыктын төп келишин аныктоо

Аппараттык жабдык менен программдык жабдык үчүн негизги ачкыч параметрлери үчүн туура маанилерин тандоо, тармак түйүндөрү(Ethernet кадры сыяктуу протоколдорду колдонгон тармак жана түйүн адрестери) арасында кабарлардын өтүшүн камсыз кылуу.

Орой ырастоо. Тармактын мүнөздөмөлөрүнө (ишенимдүүлүк, өндүрүмдүүлүк) тез таасир этүүчү параметрлерди тандоо. Эгер тармак иштөө абалында болсо, бирок кабарлардын алмашуусу жай болсо, же байланышуу сеансы көрүнбөгөн себепсиз үзүлүп калса, анда мындай тармакты шартуу тармак катары карап, аны орой ырсатоо аркылуу чечүүгө болот. Бул учурда пакеттин тармактагы кармалуусунун негизги ачкыч себебин табуу керек. Мындай туруксуз тармактын негизиги себеби болуп, туура эмес иштеген тармак элементи же туура эмес ырасталган параметрдин себебинен болушу мүмкүн. Ушундай кичине себептерден улам тармакты туруктуу иштөө абалына алып келүүдө көптөгөн варианттардын каралып чыгуусуна туура келет. Орой ырастоо көп тараптан иштөө абалына алып келүү абалына окшош. Бул жерде тармактын эффективдүүлүгүн аныктаган пределдик мааниден төмөн болбогон, бир канча пределдик маанилер (пороговое значение) арасындан жакшыраак маанини тандоо керек. Мисалы, сервердин клиенттерге жооп берүү убактысы 5 секундан ашпашы керек сыяктуу маселелерди аныктоо керек.

Тыкан ырастоо. Тармак параметрлерин тыкан ырастоо бул оптимизациялоо негизин түзөт. Эгер тармак канатандыраарaлык иштесе, андан аркы ишенимдүүлүгүн жана өндүрүмдүүлүгү артырууда орой ырастоо же иштөө абалына алып келүү сыяктуу бир эле параметрдин жардамы менен аныктоо менен ишке ашыра албайбыз. Нормалдуу иштеп жаткан тармактын андан ары өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир канча параметрлердин санынын ийгиликтүү айкалышы аркылуу жетүүгө болот.

Мындай оптимизациялоодо да параметрлердин айкалышын (так математикалык оптималдуу термин маанисин бербейт) оптималдуу түрдө алуу мүмкүн эмес. Көп амалдардын так оптималдуу маанини табуусуна жумшабастан, болгону оптималдуу мааниге жакын болгон маанилерди алуу керек. Ушул сыяктуу жакындаштырылган оптималдуу чечимди рационалдык вариант деп атасак болот. Бул жакындаштырылган маанини издөө практикада администратор же тармак интегратору кызыккан маани болуп эсептелет.

Тармактагы бузукту издөө - бул анализ (ченөө, диагностика жана катаны түзөө) жана синтездин (ишти оңдоо үчүн кандай өзгөртүүлөрдө киргизүүгө керектүү чечим) айкалышы.

Тармактын иштөөсүнүн эффективтүүлүк критериясы

- Тармактын базалык көрсөткүчтөрү:
- Жергиликтүү тармак сегменттери жана глобалдык тармактын *өткөрүмдүүлүк тилкеси* (колдонулган параметрлер);

Жергиликтүү тармак жана глобалдык тармакта колдонулган протоколдордун мүнөздөмөсү;

- Тармактын жооп берүү (отклик) орточо жана пик убакытысы;
- Шлюз, сервер жана сегменттер аркылуу өткөн тармак трафигинин калыбы;
- Колдономолу тармактык кызматтардын мүнөздөмөсү;
- Каналдык жана тармактык деңгээлдеги пакеттерди жиберүүдөгү статистика;

- Жергиликтүү тармак сегменттери жана глобалдык тармактын *сыйымдуулук тилкеси* (полоса пропусканияколдонулган параметрлер).

Тармактын өндүрүмдүүлүгүнүн базалык көрсөткүчтөрү ар кандай амалдарды аткаруудагы эсептөө чекити болуп эсептелет. Мониторингдин ренттери боюнча тармак стурктурасын жана конфигурациясынын өзгөртүү менен өндүрүмдүүлүктү ырастоо болуп эсептелет. Көп учурда себебин аныктоо жана маселени чечүү, учурдагы көрсөткүч менен базалык көрсөткүчтү салыштыруу менен ишке ашат.

Тармактын өндүрүмдүүлүгүнүн базалык көрсөткүчтөрү ар кандай амалдарды аткаруудагы эсептөө чекити болуп эсептелет. Бирдей убакыт аралыгында тармактын иштөөсү жөнүндө берилиштерди чогултуу. Бул өзгөрүү тенденциясын изин кууганга жардам берет. Тармактагы трафиктин колдонуусун ченөө үчүн датаны жана убактысын аныктап алашабыз керек.

Эгер тармак сутка бою иштесе анда ар бир саатта ченөө керек. Биздин учурда

- иш күнүнүн башталышы;
- түшкү тыныгуудан кийин;

системдик резервдөө убагында карап көрсөк болот.

Тармак каналынын реалдуу өткөрүмдүүлүгү анын эффективдүү өткөрүмдүүлүгүнө болгон катышы *каналды колдонуу коэффициенти* деп аталат.

Өткөрүмдүүлүк тилкесинин утилизациясы үч көрсөткүч орточо, жогорку (пик) жана минималдуу менен мүнөздөлөт.

*Орточо утилизация* пакет же кадрлардын орточо жиберилген деңгээли. Тармак каналынын орточо утилизациясы аныкталган (30 60 минут арасы) мезгил ичинде алынат.

Максималдуу же минималдуу утилизация да ушул эле ыкма менен аныкталат.

Трафиктин өзгөрүү утилизациясын иштеп чыгуу менен алынган берилиштерди кадимки тармакты эсплатациялоо режими менен салыштырат. Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн тармак магистралдарында жана топологиясында эмнени өзгөртүү керек экендигин билүүгө жардам берет. Орточо,

максималдуу, жана минималдуу утилизациялоо ар кандай тармакта ар кандай варианталашы мүмкүн. Себеби трафик калыбы (шаблон), тиркеме жана колдонуучу санынан да көз каранды.

Эгерде ченелген берилиштер базалык көрсөткүчтөрдөн айырмаланса, анда тармакты оптимизациялоо керек.

| Алып жүрүүчү | Жиберүү ылдамдыгы | Утилизациялоо | |
|---|---|---|---|
| | | Орточо | Максималдуу |
| Биргелешип колдонулган Ethernet | 10 Мбит/с 100 Мбит/с | 30 | 80 |
| Коммутацияланган Ethernet | Жарым дуплекстүү | 80 | 90 |
| | Толук дуплекстүү | 97 | 97 |

2.1-таблицада Ethernet жогорку, орточо жана минималдуу утилизациясы көрсөтүлгөн.

Эгерде тармак утилитасы таблицада көрсөтүлгөн маанилерден (5% тен 15 % чейин) ашып кетсе, анда тармактын өндүрүмдүүлүгү бир топ начарлаган деп эсептесек болот. Утилизациялоо маанисинин жогорулашы тармакта, тармак проблемалары, тармактагы трафиктин көбөйүшүнө алып келген колдонулуудагы тиркемелерде өзгөрүүлөр бар экендиги, же активдүү станциялардын көбөйүшү да шарт түзүшү мүмкүн.

2.1-таблицада Ethernet тармагынын жалпыланган көрсөткүчтөр мүнөздөмөлөрү көрсөтүлгөн. Биргелешип колдонулган Ethernet базалык көрсөткүчтөрү эффективсиз кадрдын өлчөмү (64 байт) жана сегменттин диамтри 1024 барабар болгон учурда алынган. Ошондуктан тагыраак маанини алыш үчүн реалдуу тармакты утилизацияло мониторигдери менен алуу ыңгайлуу.

Тармакты ырастоодо протокол өткөрүмдүүлүгүнүн номиналдуу жана эффектидүү мүнөздөрүн карап чыгалы.

*Номиналдуу өткөрүмдүүлүк* бир пакетти жиберүү интервалындагы берилиштерди жиберүү биттик ылдамдык болуп эсептелет.

*Эффективдүү өткөрүмдүүлүк* колдонуучу берилиштерди жиберүүнү орточо ылдамдыгы, б.а. ар бир пакеттин берилиштеринин орточо ылдамдыгы. Жалпысынан

н*оминалдуу өткөрүмдүүлүк*кө караганда *эффектидүү өткөрүмдүүлүк* дайыма аз болот. Себеби пакеттин тутумунда кызматтык маалыматтары жана ар бир пакет ортосундагы паузалардан улам бар.

Өткөрүмдүүлүктү баалоонун эки ыкмасы бар:

- каналдык деңгээлде (FPS-Frames Per Second, секундасына кадрдын саны);
- тармактык деңгээлде (Facials Per Second, секундасына пакеттердин саны);

# 3. Qos кызматы жана анын мааниси

Тармак – бул көптөгөн тармак түзүлүштөрүнөн турган ар кандай технология жана протоколдорду колдогон бөлүштүрүлгөн чөйрө болуп эсептелет. Ошондуктан тамактын түйүндөрү арасындагы бир чекитинен экинчи чекитке чейинки жолдордун тутумунда бир типтүү Qos талаптарды аткаруу кыйын. Ал гана эмес протокол агымдарынын классикалык каражаттарынын негизги функциясы да бир типтүү болбогон эки чекит арасында байланыштуулукту камсыз кылуусу оңой маселе эмес. Qos тун берилген параметрлери менен мындай тармакта пакеттердин аракеттери биринчиге караганда татаал. Өзгөчө тармакта көптөгөн берилиштер агымдарынын кыйынчылык менен айкалышкан мүнөздөмөлөргө ээ, мисалы кескин файлдык трафик, синхрондук үндүк, ж.б.

Берилген маселени чечүү үчүн Qos кызматы керек. Бул кызмат таркалган мүнөзгө ээ, себеби анын элементтери пакет жүгүртүлгөн бүтүн тармак түзүлүштөрүндө (коммутатор, маршрутизатор, серверге жетүү) бар болушу керек. Ошондуктан пакет жүгүртүлгөн бүтүн тармак түзүлүштөрү үчүн Qos өз өзүнчө координацияланып, б.а. ырасталып, бир типтүү болушун камсыздайт. Ушул себептен **борборлоштурулган башкаруу элементтери** үчүн Qos кызматы да болушу керек, бул кызматтын жардамы менен тармак администратору макулдашылган. Qos механизмин ар бир тармак түзүлүшү үчүн параметрлерин ырастап, аны башкаруу мүмкүнчүлүнүгө ээ болот.

## 3.1. Qos кызматынын базалык архитектурасы

Qos кызматынын базалык архитектурасы үч типтеги элементтерди камтыйт.

**Qos түйүнүн каражаты**, түйүнгө келген трафикти *Кызмат көрсөтүү сапатынын* талаптарына ылайык тейлөө;

**Qos сигнал берүү протоколу**, «бир учтан экинчи уч» арасында кызмат көрсөтүүнү бүтүн тармак түзүлүштөрүндө камсыз кылуу;

Qos талаптарына ылайык ар түрдүү типтеги трафиктерди тармак элементтерине таасир этүү максатында тармак ресурстарында бөлүштүрүү менен администратор максаттуу түрдө тармак элементтерине таасир этет.

**Qos түйүнүн каражаты.**

Qos кызматынын негизги аркарылуучу механизми катары Qos түйүнүн каражаты саналат, себеби маршрутизатор, коммутатордун кириш, чыгыш интерфейстери арасында пакеттердин кыймыл процессине таасир этишет, андыктан тармактын сапаттык кызмат берүү мүнөздөмөсүнө берилген түзүлүштүн салымын аныктайт.

Qos түйүнүнүн каражаты эки типтеги механизимди камтыйт.

Кезектерди тейлөө

Трафикти кондицирлөө

Кезекти тейлөө механизми пакеттерди коммутациялоо принциби боюнча иштеген бүтүн тармак түзүлштөрү үчүн керектүү элемент болуп эсептелет. Алар ар кандай эң жөнөкөй FIFO (биринчи келген, биринчи кетет) баштап татаал алгоритмдердин жардамы менен кезектеги пакеттерди тейлөө болуп эсептелет. Татаал алгоритимдер бир канча класстардын агымдары, мисалы: проритеттик, же салмактанган (взвешанный) кезекти иштетүү алгоритмдерин алса болот. Кошумча шарт болбогон учурда (по умолчанию) тармак түзүлүштөрүндө FIFO алгоритми колдонулат.

Ал эми экинчи типтеги механизмин колдонгон тармак Qos кызматын колдошу же колдобошу мүмкүн. Себеби Qos камсыз кылуу деген тармактын ылдамдыгы менен тармака келген агымдардын ылдамдыгын айкалыштыруу менен ишке ашырылат. Агымдын кыймыл ылдамдыгына караганда тармакка келген агымдардын ылдамдыгы көп болсо, ошондо тармакта кезек пайда болот. Кезекти тейлөө кезек пайда болуп калган учурда, б.а кезекти азайтуу менен ушундай мезгилдерден чыгуу.

Трафикти кондицирлөө механизми тармакты сапаттуу тейлөөнүн башка ыкмасын колдонот. Түйүнгө келген агымдын ылдамдыгын азайтуу менен тармактагы

агымдын ылдамдыгы дайыма түйүнгө келген ылдамдытан аз абалда калтыруу менен ишке ашат.

Трафикти кондицирлөө механизми адатта бир канча функцияларды камтыйт.

*Трафикти классификциялоо.* Түзүлүшкө келген жалпы пакеттердин удаалаштыгы, сапаттуу тейлөөгө жалпы талаптары бар бир агымдын пакеттери. Пакеттин ар кандай формалдуу сыпатына (кабыл алуучу дареги, тиркемелерди идентификациялоо, пакеттин приоритеттик мааниси жана пакетти белгилөө-метка мааниси) жараша классификациялоо.

*Политика мыйзамы негизинде трафикти профилирлөө(policing).* Ар бир келген агым үчүн ага төп келген Qos параметрлер тутуму бар. Бул тутумду көбүнчө трафикти профилдөө деп аташат. Келген агымдарды анын профил параметрлерине жараша трафикти текшерүүнү трафикти профилдөө деп аташат. Профилдердин параметрлери бузулган учурда (мисалы, пульсациянын узундугу же орточо ылдамдык көбөйүп кеткенде) бул агымдын пакеттери маркировкаланат же ыргытылат. Кээ бир пакеттерди ыргытуу агымдын интенсивдүүлүгүн төмөндөтүп профилде көрсөтүлгөн параметрлер көрсөткүчүнө алып келет. Пакеттерди маркировкалоо менен бул түйүн тарабындан карайдан бул пакеттин иштетилиши үчүн колдонулат. Келген агымды берилген профилге карата айкалышын кондицирлөө механизми агымдын параметрлерин текшерүү менен ишке ашырат. Бул үчүн баарына белгилүү алгоритм, тешик чака- (leacky bucket).

*Трафикти калыптандыруу(shaping).* Трафикти кондицирлөө керектүү убактылуу калыпты берүү болуп эсептелет. Негизинен берилген функциянын жардамы менен трафиктеги пульсацияны жылмалоо менен түзүлүштөгү пакеттердин чыгуусу, пакеттердин кирүүсүнө караганда тегиз болуусу. Пульсацияны жылмалоо, андан кийинки трафикти тейлөө үчүн, түзүлүштөгү кезекти азайтуу менен ишке ашырат.

Трафикти кондицирлөө механизми тармактын ар бир түйүнүндө же чек түзүлүштөрдө колдонсо болот. Акыркы вариант көбүнчү кызмат көрсөтүүчүлөр клиент трафиктеринде колдонушат.

**Qos сигнал берүү протоколу.**

Qos сигнал берүү протоколу Qos механизминде өз өзүнчө түйүндөрдө *кызмат маалыматтардын алмашуу*сун камсыз кылуу менен бир учтан экинчи учуна б.а. агымдын бүтүн изинде сапаттык тейлөө параметрлерин камсыздоо үчүн колдонулат. Мисалы, Qos сигнал берүү протоколунун жардамы менен тиркеме тарабынан орточо өткөрүмдүүдүктү камсыз кылып алса, (IP тармактары үчүн бул функцияны RSVP протоколу кызмат кылат) болот.

Qos сигнал берүү протоколунун жөнөкөй каражаты болуп, сапаттык тейлөө пакети үчүн талап жөнүндө маалымат алып жүрүүчү сыпаты катары пакетти маркировкалоо. Бул учурда көбүнчө агымда көптүгү бар болгон приоритет тааласы колдонулат. Бир түзүлүштөн экинчи түзүлүшкө жылып отуруп, пакет өткөн жолу аркылуу өзүнү сапаттуу тейлөө талаптарын, чынында жалпыланган калыпта алып жүрөт. Приоритет талаасы, болгону бир канча мүмкүн болгон маанилерден туруп, саппатык тейлөө тармактагы бир канча агрегирленген (агрегрированный) агымдардын дифференцирленет. Qos сигнал берүү протоколунун ишин бир гана учтагы түйүн, арадагы түзүлүштөр да иницирлей алышат. Мисалы, тейлөөчүнүн чектеги маршрутизатору агымды классификациялоо менен тейлөөчү тармакта өткөрүмдүүлүктү калыптандыруу керек. Бул учурда тармак түзүлүштөрүн координациялоо бүтүн трафикте эмес кызмат берүүчү чектеринде гана жүргүзүлүп, албетте, трафикти сапаттуу тейлөө жакшырат.

Политиканын борборлоштурулган функциясында Qos-ту эсепке алуу жана башкаруу негизги керектүү элементи болуп эсептелбейт, бирок, чоң тармактарда колдонуу керек. Ар бир кодонуучу жана тиркеме максималдуу сапаттуу тейлөө (мисалы, жогорку өткөрүмдүүлүк) алгысы келет. Ошонуктан администратор арбиртрдын функциясын аткаруу менен өзүнчө колдонуучу жана тиркеме үчүн рационалдуу сапаттуу тейлөөнү камсыз кылып бериши керек. Политиканын функциясы, администраторго эрежелерди жаратууга, б.а. тармак түзүлүштөрү өз өзүнчө формалдуу түрдө, сыпаттар тутумунун негизинде ар бир трафикти сыпатына жараша таанып билип, ага атайын Qos функциясынын колдонуу керек. Политика

эрежелери ар бир түзүлүштө ырасталып (конфигурацияланып) сакталат. Бирок бул администратор тарабынан көп жумушту талап кылып, албетте бир топ каталардын келип чыгышы мүмкүн. Ал тармак түзүлүштөрүндө дал келбестике алып келет, себеби, бир тарапка 1 Мбит/с, ал эми экинчи тарапка 1 Кбит/с өткөрүмдүүлүктү ырастоого туура келет.

Чоң тармактарга борборлоштурулган Qos каражаты негизги элементтерден болуп эсептелет. Бир типтүү политиканын эрежелери тармактагы ар бир түзүлүш үчүн тең бирбей бөлүштүрүлүп серверде сакталат. Администратор бир чекитте эрежелерди ырастайт, бул анын убактысын жана эмгегин азайтат. Андан кийин атайын протоколдун жардамы менен Qos колдогон тармак түзүлүштөрүнө таркалат. Түзүлүштөр политиканы трафикти кондинцирлөө жана керектүү параметрлердин жардамы менен кезекти башкаруу үчүн колдонушат.

Qos кызматы, политиканы колдонгон борборлоштурулган системдерде иштөөсүн *политикага негизделген Qos кызматы (policy based Qos)* деп аталат. Политика эрежелери тармакты координациялоо үчүн гана эмес, трафикти коргоо функцияларында да колдонулат. Ошондуктан политиканын борборлоштурулган системи тармактын жалпы данышмандык кызматына (Directory Service) негизделген. Акыркы күндөрдө тармак жөнүндө ар кандай берилиштер, андан тышкары Qos политикасы боюнча маалыматтар сакталат. Qos камсыз кылган конкретүү протоколдор (TCP/IP тармагы үчүн RSVP, DiffServ; ATM тармагы үчүн CBR, VBR, ABR) бар.

## 3.2. Кезектерди башкаруу алгоритмдери

Qos каражатынын негизги каражаты кезекти тейлөө алгоритмдери болуп эсептелет. Бул механизм пакеттердин коммутациясы боюнча иштеген кайсы тармак түзүлүшү болбосун колдонушат. Пакеттерди коммутациялоо механизми маршрутизаторлордо, жергиликтүү же глобалдык коммутаторлордо жана акыркы түйүндөрдө колдонулат. Тармактагы түзүлүштөгү убактылуу жүктөлүү (перегруз), б.а. андан ары жиберилүүгө келген пакеттер топтолуп андан ары чыгыш

интерфейсине жиберүү туура келген учурда кезек колдонулат. Эгер жүктөлүүгө тармак түзүлүшүнүн процессордук блогу себеп болсо, анда кирүү интерфейсине байланышкан иштетилбеген пакеттерди кириш кезегине сактоочу убактылуу түзүлүштө сакталат. Ал эми жүктөлүүгө чыгуу интерфейсинин ылдамдыгы себеп болсо, анда чыгуу интерфейсте кезекте пакеттер убактылуу сакталат.

Кезектин пайда болуу факторлору катары, *түзүлүштүн жүктөлүү коэффициенти (utilization)* түзүлүшкө келген трафиктин орточо интенсивдүүлүгүнүн чыгыш интерфейске жиберилүү интенсивдүүлүгүнө болгон катышын айтабыз.

Эгер жүктөлүү коэффициенти бирден чоң болсо, анда кирүү трафигинин интенсивдүүлүгү чыгуу интерфейске жиберилүү интенсивдүүлүгүнө караганда дайыма жогору. Ошондуктан кезек тармак түзүлүшүндө дайыма бар болуп, анын узундугу чексиздике умтулмак, бирок, ал кезекти сактаган буфердин узундугуна көз каранды болот. Буфер келген пакеттерди сактоо жана кезекте кармоо үчүн колдонулат. Жүктөлүү коэффициенти бирден кичине болгон учурда да орточо узунтуктагы мааниге ээ кезек түзүлөт.

Түзүлүшкө пакеттердин келүү интервалынын ар кандай вариациясына жараша кезек пайда болот. Канчалык вариация чоң болсо, ошончолук кезектин орточо узундугу узун болот. Пакеттердин келүү интервалынын вариациясы, кезекке таасир этүүчү жүктөлүү коэффициентинен кийинки экинчи фактор болуп эсептелет. Компьютер тармагында трафиктин кескин (пульсирующий) мүнөзгө ээ болушу, 100:1 же андан жогору кескиндик коэффициентине ээ болгон учурда кезек бир канча маанилүү болуп калат. Эгер интервал вариациясы жок болуп, пакеттер так аныкталган убакыт мезгилинде келсе, трафикте тегиз агым пайда болуп, жүктөлүү коэффициенти бирден төмөн болгону үчүн кезек пайда болбойт. Кескиндик мүнөзгө ээ трафике таасир этчү кармалуулардын пайда болушу Ethernet бөлүштүрүлгөн сегменттеринин негизинде келип чыгууда. Сегментин жүктөлүү коэффициенти 0,5 барабар болгон учурда да, тармака жетүүнүн кармалуусу да 0,3 төн ашпайт.

Кезектин келип чыгышы, тармакта сапаттуу тейлөөнүн начарлашы экендигин тастыктайт. Убактылуулук мүнөзгө ээ пакет кармалуулары пайда болуп, кармалуу

варияциясы өсөт. Андан тышкары кезектин узун убакытка болгон кескиндүүлүгүнөн тармак түзүлүшүнүн буферине батпай калгыдай пакеттердин саны өсүп, анын жоголуп кетүү ыктымалдуулугу жогорулайт.

Белгисиз трафиктин мүнөздөмөлөрү негизинде тармак түзүлүшүндө кезек узундугунун мүмкүнчүлүктөрүн эсептөө мүмкүн болсо, абдан пайдалуу болмок. Бирок кезектердин аракеттери ыктымалдуу процесс, ага көп факторлор таасир этет. Айрыкча кезекти тейлөөнүн приоритеттик жана ар кандай агымдарды салмактап тейлөөчү татаал алгоритмдер. Кезекти тейлөө максатында колдонмо математикалык областында *–массалык тейлөө теориясы(queuing theory)*-ал жөнөкөй учурларда гана сандык эсептөөлөрдү берет, бирок, тармак түзүлүштөрүнүн реалдуу шарттарына дал келбеген маанилерин бериши мүмкүн. Ошондуктан Qos кызматы гарантияланган Qos деңгээлин камсыздоо үчүн маселени комплекстүү чечүү үчүн төмөндөгү ыкмалардын жардамы менен аткарылат.

Белгилүү параметрлердин негизинде тармак өткөрүмдүүлүк тилкесин (полосо пропускания) алдын ала резервдөө;

Кирүү трафикти атайын профилирлөө менен түзүлүштү керектүү деңгээлде кармап туруу;

Кезекти тейлөөчү татаал алгоритмдер;

Маршрутизатор жана коммутатордо төмөндөгү алгоритмдер колдонулат:

- Традициялык FIFO алгоритми
- Приоритеттик тейлөө (Priority Queueing)
- Салмактоо менен тейлөө(Weighted queueing, WQ)

Ар бир алгоритмдин атайын аныкталган маселелерди чечүү үчүн колдонуу менен тармактагы ар кандай типтеги трафикти Qos боюнча тейлөөгө жардам берет. Алгоритмдердин комбинацияланып колдонулушу да мүмкүн.

**Традициялык FIFO алгоритми**

Традициялык FIFO алгоритми иштөө принциби, эгер пакеттерде кезек пайда болсо, анда биринчи келген биринчи тейленет-FIFO (First Input First Output) боюнча

иштейт. Пакеттердин коммутациясы менен иштеген ар бир тармак түзүлүшүндө бул ыкма бар. Бул ыкманын артыкчылыгы, реализациялоонун жөнөкөйлүгү жана ырастоо талап кылынбайт. Бирок ал негизги жертишсиздиги бар, ал ар кандай пакет агымдарынын тейлөөдө дифференцирлөөнүн жоктугу. Бардык пакеттер бирдей негизде жалпы кезекке турушат. Кармалууга сезимдүү же кармалууга сезимдүү эмес пакеттери, анча интенсивдүү эмес трафиктин резервдик копиялануусу, узун убакыт пульсациялары үн пакеттерин көпкү кармап коюшу мүмкүн.

Тармак түзүлүшүнүн нормалдуу иштеши үчүн FIFO прициби ыңгайлуу, бирок, дифференцирленген Qos колдоосу үчүн жетишсиз.

**Приоритеттик тейлөө (Priority Queueing)**

Кезекти приоритеттик тейлөө алгоритми (Priority Queueing) популярдуу. Эсептөө техникасынын көп тармагында колдонулат.Алардын арасында операциондук система, мультипрограммдык жабдык арасындан кээ бир программдык жабдыктарга приоритет берүү керек. Трафиктин ар кандай классына жараша артыкчылык тейлөө менен бул алгоритм колдонулат. Трафикти приоритеттик тейлөө механизми, трафикти чоң эмес класстар санына бөлүп, ар бир класска бир канча сандык белгисине жараша приоритет беришет. Класстарга бөлүү ар кандай ыкмалар менен жүргүзүлөт. Ар кандай классификация менен иштөө, прирититтик алгоритмге эч кандай таасир этпейт. Приоритеттик алгоритм үчүн кандайдыр бир приоритет болуп, пакеттер ошол приоритет боюнча кезекке турушу саналат. Трафикти классификациялоо өзүнчө маселе. Тармак протоколдоруна жараша приоритеттик класстарга бөлүнүшү мүмкүн, мисалы, IP, IPX же DECnet (айта кетчү нерсе, бул ыкма экинчи деңгээл менен иштеген тармак түзүлүштөрү үчүн керек), кабыл алуучу же жиберүүчү даректерине жараша, тиркемелери идентификациялоо жана башка пакеттерге тиешелүү белгилердин комбинациясы боюнча аныктоо. Пакеттерди приоритеттик класстарга классификациялоо эрежелери тармакты башкаруу политикасынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Трафикти классификациялоо чекити тармак түзүлүшүндө өзүндө же андан тышкары жайгашышы мүмкүн. Масштабдуу чечим катары трафикти

классификациялоо функциясы чек арадагы бир же бир канча түзүлүштөрдө жайгаштыруу керек. Корпоратив тармагындагы колдонуучулары менен коммутаторлор же интернет тейлөөчүсүнө чыгуу маршрутизаторлорунда уюштуруу. Классификациянын мындай вариянтында пакеттин атайын талаада приоритет маанисин белгилеп, аны сактоо мүмкүн. Мындай талаа көптөгөн протоколдордун баштыгында бар. Эгер пакеттин баштыгында мындай талаа жок болсо, анда кошумча протокол даярдалып чыгат. Ал жерде жаңы баштык менен ушундай талаасы менен даярдалат. Ушундай абал да Ethernet протоколунда да болгон. 802-үй бүлөсүндөгү башка протоколдорду даярдоого туура келген. IEEE 802.1Q.p протокоунда 3 биттик кошумча приоритет үчүн бөлүнгөн. Приоритет бир гана коммутатор же маршрутизатордо гана орнотулбастан, жиберүүчү түйүндө да орнотулат. Андан тышкары бир тармактын түзүлүшү экинчи тармактагы түзүлүштүн пакеттердин приоритеттик ыкмасы менен макул болбошу да мүмкүн. Ал учурда ал приоритеттин маанисин ушул түзүлүштө сакталган локалдык тармактын политикасынын маанисин өзүнө жазып алат. Ошондуктан тармак түзүлүшүнүн координациялоону камсыз кылууда тармактагы политиканын борборлоштурулуп аткарылышы ыңгайлуу.

Трафикти классификациялоо ыкмасындан көз карандысыз тармак түзүлүшүндө бир канча приоритеттик класс негизинде кезек бар. Жүктөлүү мезгилдеринде келген пакет приоритеттик класска жараша кезекке тургузулат. Төрт приоритеттик кезек боюнча: жогорку, орточо, нормалдуу жана төмөнкү деп бөлүнгөн. Тейлөө учурунда приоритетик кезектер кезек абсолюттук мүнөзүнө ээ. Жогорку приоритеттеги бүтүн пакеттерди иштетип, кезек калмайынча, кийинки приоритеттеги пакеттерди тейлөөгө өтпөйт. Ошондуктан орточо приоритетке ээ болгон пакеттер, жогорку приоритетке ээ болгон пакеттер иштетилип чыккандан кийин гана иштетилет. Жогоруда айтылгандай эле төмөнкү приоритет, жогорку, орточо, нормалдуу приоритетке ээ болгон пакеттердин баары иштетилип бүткөндөн кийин гана иштетилет.

Тармак түзүлүшүнүн буфердик эсинин чектелген (соңку) өлчөмү, тейленүүгө келген пакеттердин бир канча пределдик узундука ээ болушуна себепкер. Негизинен

ар бир тармак түзүлүшүндө ар бир приоритет үчүн буфердин өлчөмү бирдей. Кээ бир түзүлүштөрдө администратор буфердин өлчөмүн өзгөртө алат. Берилген приоритетке жараша буфердин максималдуу узундугу пакеттин максималдуу узундугун карата аныктайт. Эгер буфер толуп калса, анда келген пакеттер ыргытылат. Идеалдуу абалда буфердин өлчөмү төмөнкүчө аныкталат: кезектин орточо статистикалык узундугун сактоо үчүн бир канча запасы менен бөлүнөт. Бирок бул маанини коюу татаал, себеби тармак жүктөлүүсүндөн көз каранды. Ошондуктан узун убакытка тармакты байкоо жүргүзүү керек. Жалпысынан алганда, иш курумунун трафиги канчалык маанилүү болсо, ошончолук анын интенсивдүүлүгү жана пульсациясы жогору болуп, бул трафик үчүн чоң өлчөмдөгү буфер талап кылынат. Көрсөтүлөндөй жогорку жана нормалдуу приоритеттер үчүн чоң өлчөмдөгү буфер алынган. Ал эми башка класстар үчүн буфердин өлчөмү аз бөлүнгөн. Мындай чечимди жөн эле кабыл алышкан жок, себеби жогорку приориттеттин ачык айкын. Ал эми нормалдуу приоритет жогорку интенсивдүүлүктү жана пульсация коэффициентинин жогору болушу мүмкүн. Приоритеттик кезектин өзүндөн приоритеттик тейлөө жогорку сапаттык тейлөөнү камсыз кылуу. Эгер түзүлүшкө келген пакеттердин интенсивдүүлүк чыгуу интерфейсинин өткөрүмдүүлүгүнөн ашпаса, анда жогорку приоритет өзүнө керектүү өткөрүмдүүлүгү алат. Жогорку приоритеттик пакеттердин кармалуусу минималдуу. Бирок нөлдон айырмалуу болуп, бул пакеттердин агым өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды-агымдын пульсациясы жана анын интенсивдүүлүгү канчалык жогорку болсо, ошончолук кармалуу деңгээли жогору болот. Жогорку приоритеттик класс үчүн башка приоритеттик класста трафик ачык айкын. Почти сөзү, качан жогорку приоритеттеги пакет төмөнкү приоритеттеги пакеттердин тейлөөнүүсүн күтөт, себеби анын убактысы төмөнкү приоритеттеги пакеттин чыгуу интерфейсине жылуу убактысы менен дал келди.

Башка приоритеттеги класстар, алардны сапаттык тейлөөсү жогорку приоритеттеги пакеттерге караганда төмөн болуп, деңгээли төмөндөп алдын ала айтуу кыйын болуп калат. Бул төмөндөөнүн негизинде эгер жогорку приоритеттик

трафикте кээде чоң интенсивдүүлүк менен жиберүүгө туура келет. Эгер жогорку приоритеттик класстын трафиги гана аныктаган чыгуу интерфейсинин жүктөлүү коэффициенти бирге жакындаса, анда калган приоритеттик класстар бул убакытта тоңуп калат.

Ошондуктан приоритеттик тейлөөнү, качан гана тармакта кармалууга сезимдүү бир эле трафик болуп интенсивдүүлүгү аз болуп, башка приоритеттик класстарды тейлөөгө таасир этпесе колдонууга болот. Мисалы, үндүк трафик кармалууга сезимдүү, бирок анын интенсивдүүлүгү 8-16 Кбит/с ашпайт. Бул учурда башка приоритеттик класстарга таасир этпейт. Бирок тармакта башка учурлар да кездешиши мүмкүн. Эгер видео трафик бар болуп, приоритеттик тейлөөнү талап кылса, жогорку интенсивдүүлүкө ээ болсо, анда мындай учурлар төмөнкү приоритеттик класстар үн гарантия берүүчү атайын алгоритмдер каралган.

**Салмактоо менен тейлөө (Weighted queueing, WQ).**

Салмактоо менен тейлөө менен тейлөө алгоритмасы бүтүн приоритеттик класстар үчүн аныкталган минимум өткөрүмдүүлүктү же кармалууларга бир канча гарантияны

камсыз кылат. Бул чыгуу интерфейсинин толук өткөрүмдүүлүгүнүн проценттик катыштык менен ар бир класска бөлүштүрүү болуп эсептелет. Администратор тарабынан трафиктин классынын салмагы белгиленсе, анда *ырасталган кезек (Custom Queueing )* деп аталат

Салмактоо жана приоритеттик тейлөөдө да кезек класстарга бөлүнөт. Бөлүнгөн класстарда өзүнчө кезек пайда болот. Бирок ар бир класс приоритет менен байланышпастан, анын өткөрүмдүүлүгүнүн проценттик катышы боюнча байланышат. Бул проценттик катыш интерфейстин жүктөлүү учурунда бул класска гарания берет. Мисалда беш класс үчүн беш кезекти кармайт. Бул класстарга жүктөлүү учурунда 10%, 10%, 30%, 20% жана 30% чыгыш интерфейсинин өткөрүмдүүлүгү каралган.

Кезекке бөлүнгөн проценттик салмак боюнча ар бир класс циклдик түрдө тейленет. Ар бир циклда кезектен салмагына жараша байт тейленет. Каралып жаткан

мисалда, кезекти кароо циклди бирге секундага, ал эми чыгыш интерфейсинин ылдамдыгы 100Мбит/с барабар болсо, анда жүктөлүү убагында ар бир циклда биринчи кезектен 10 Мбит берилиш, экинчиден дагы 10 Мбит, үчүнчүдөн 30 Мбит, төртүнчүдөн 20 Мбит жана бешинчиден 30 Мбит берилиштер алынат. Жыйынтыкта ар бир класс үчүн гарантияланган минималдуу өткөрүмдүүлүк камсыз кылынууда. Мындай учур көп убакта пайдалуу.

Өткөрүмдүүлүк деңгээлин эсептегенге караганда кармалуу деңээлин эсептөө кыйын. Пакеттерди убакыт боюнча өлчөөгө мүмкүн болушу үчүн арбитр цикли бир секундадан аз болушу керек. Циклдын мындай убактысында кармалуу 1 секундадан да көп болушу мүмкүн, себеби цикл р бир кезекке секундасына бир жолу тез тез келбейт. Андан тышкары кезекте бирден көр пакет кезекте турушу мүмкүн. Келтирилген мисалда 100 мкс цикл убактысы катары алынган. Бир тараптан ар бир 100 мкс убактысында ар бир классты тейлегенге жетишет. Башка тараптан ар бир кезектен орточо пакет алууга жетишет (Ethernet технологиясында пакеттердин өлчөмү 64 дөн 1518 арасында).

Кээ бир класстар үчүн кармалуу жана кармалуунун варияциялары салмактоо менен тейлөөдө, бир топ берилген класстын трафигинин жүктөлүү коэффициентине таасир этет. Бул учурда коэффициент, ага бөлүнгөн салмагына ылайык класстын кирүү трафигинин интенсивдүүлүгүнүн класстын өткөрүмдүүлүгүнө болгон катышы боюнча эсептелет. Кезектин сапаттуу тейлөөнүүсү, кармалуу FIFO ыкмасындай эле, канчалык жүктөлүү коэффициенти аз болсо, ошончолук кезектин орточо узундугу жана кармалуу аз болот.

Салмактоо менен тейлөө алгоритмасынын так Qos параметрин айтуу кыйын. Ага тармак түзүлүшүнүн динамикалык түрдө өзгөргөн жүктөлүү параметрлери таасир этет. Бардык класстардын пакеттеринин интенсивдүүлүгү жана пакеттердин келүү арасындагы убакыттын варияциясы. Жалпысынан, салмактоо менен тейлөө көп учурда кармалууга жана анын варияциясына душар кылат.

Приоритеттик тейлөө сыяктуу эле, администратор ар кандай класстарга кезек буферинин өлчөмүн өзү белгилей алат. Буфердин өлчөмү азайтуу жүктөлүү

мезгилинде көптөгөн пакеттердин жоголуп кетишине шарт түзөт. Бирок ыргытылбаган пакеттер үчүн тейленүү убактысы азаят.

Салмактоо менен калыс тейлөө*(Weighted Fair queuing)*

Бул комбинацияланган механизм, кезекти приоритеттик тейлөө менен салмактоо менен тейлөөдөн турат. Өндүрүүчүгө жараша WFQ ар кандай реализациясы бар. Ар кандай режимдеги иштерди колдоо жана салмагын белгилөө ыкмалары боюнча айырмаланышат. Ошондуктан ар бир конкретүү учурларда WFQ конкретүү реализациясы менен таанышабыз. Көбүрөөк таркалган схема боюнча өзгөчө кезектин бар болушун шарттайт, б.а. биринчи жана акыркы пакет калганча тейленет. Бул кезек атайын системдик кабарлар үчүн аныкталган. Мисалы: тармакты башкаруу кабарлары, мүмкүн критикалык тиркемелердин пакеттери болушу мүмкүн. Эмне болбосун, бул учурда трафик жогорку интенсивдүүлүкө ээ болуп, чыгуу интерфейсинин калган өткөрүмдүүлүгү калган класстарга калат.

Калган кезекти маршрутизатор салмактоо менен тейлөө ыкмасы менен удаалаш карап чыгат. Администратор трафиктин ар бир классына салмакты белгилей алат, б.а. ар бир кезектен алынуучу байтардын санын белгилей алат.

Дефолт(кошумча шарт болбогон учурда), приоритеттик класстан калган өткөрүмдүүлүк калган бөлүгү чыгыш интерфейстин өткөрүмдүүлүгүн ар бир класска бирдей бөлүнөт .

Унудай эле схема менен көптөгөн тармак өндүрүүчүлөрү бул комбинацияланган салмактоо менен тейлөө жана приоритеттик тейлөөнү кодонушат. Приоритеттик трафик үчүн бир класс бар, ал эми калган класстагы пакеттер качан гана приоритетик класс бош болгндо гана тейленет. Калган кезектер салмактоо менен менеджер тарабынан бөлүнгөн проценттик катыш боюнча аткарылат.[1]

# 4. Университет тармагы

Манас университети курулгандан бери университеттин тармагында бир топ өзгөрүүлөр болгон. Ethernet технологиясы коаксиел кабел 10 Мбс тармак сыйымдуулугуна ээ болгон тармактан башталып бүгүнкү күндө бир канча жергиликтүү тармакты бириктирип камтылган тармака катары ишенимдүү корпоратив тармагына айланган.

Университетибидин тармак системасында эң белгилүү тармак жабдыктарын өндүрүүчүлөрдүн (Nortel Networks, CISCO, Compex, 3Com, PairGain ж.б) 1000 порттуу тармак жабдыктары колдонулат. Азыркы учурда Мир проспектисинде жайгашкан университеттин борбордук имараты менен жалдагы студенттик кампус жана жатакана арасында тармак байланышуусун камсыз кылууда. Борбордук имарат менен жал кичи районундагы студенттик кампус арасында 3 чакырымга барабар.

Университетибиздин корпоративдик тармагы колдонуучуларга төмөндөгү кызматтарды берет:

Оптика жана жуп жез UTP категориясындагы 5Е кабели жана андан жогорку кабел типтери колдонулуп берилиштерди жиберүү Ethernet 10/100/1000 Мбит/с барабар.

Кошумча кабелсиз тармак аркылуу берилиштерди жиберүү мүмкүнчүлүгү каралган.

Жогорку ылдамдыктагы Интернетке туташуу жалпы канал 12 Мбит/с барабар (4 Мбит/с Жергиликтүү тармак камсыздоочу –Internet Service Provider жана 8 Мбит/с түз Түрксат спутниги);

Proxy SQUID программасынын жардамы менен интернет байланышуусундагы суроо талапты ылдамдыгын артыруу масатында берилиштер кешленет, кошумча коопсуздукту камсыз кылат;

IPFIREWALL Ишеничтүү дубалы жардамы менен тармак трафигин ырастоо (IP пакеттерини филтрлөө, адрестөө ж.б.) жана коопсуздукту камсыздоо;

Университетибиздин корпоратив тармагынын жалпы касиеттери. Тармакты долборлоо процессинде техникалык талаптар төмөндө көрсөтүлгөн;

Ethernet технологиясы 10/100/1000 Мбит/с берилиштерди жиберүү;

Университетибиздин борбордук имараты менен башка факультет имараттары арасында оптик кабел орнотуу;

Компьютер жана тармак жабдыктары арасында кабел системинин курулушу;

Иш стнациялары менен байланышты куруу эң аз 1000 порттуу болуп, кийинчиреек аны кеңейтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ;

- Кеңейтүү мүмкүнчүлүгү;
- Башкаруу мүмкүнчүлүгү;

Чечимдерди приоритет боюнча жайгаштыруу;

Тармакты долборлоо учурунда берилиштерди жиберүү эффективдүүлүгү гана эмес, анын коопсуздугу да каралган. Азыркы учурда университетибиздин корпоратив тармагында тармак сегменттери менен бирге 1000 ден көп иш станцияларын камтыйт. Университетибиз имараттарында Интернет кафе, CISCO Академиясынын компьютер лабораториясы жана башка бир канча компьютер лабораториясына ээ. Коопсуздук максатында жана трафикти оптимал таркатуу максатында тармакты сегменттерге бөлгөн.

Ал эми университетибиздин тармак башкаруусу FreeBSD, Windows 2003 Advanced Server ve Red Hat Linux операциондук системаларынын жардамы менен уюуштурулган.

## 4.1. Университеттин кабелдик системасынын структурасы:

Имарат архитектурасы жана кабарлашуу чекиттерине карата кабелдик система курулган. Бул кабелдик система төмөндөгү талаптарга ылайык базалык техниакылк өзгөчөлүктөргү ээ болуп ачык долбоорлуу принцип менен курулган:

Иш жөндөмүн азайтуу жана жогорку канал талаптарын азайтуу, бир башкаруу чекити аркылуу бүтүн системаны текшерүү жолу аркылуу тармак коопсуздугун

жогорулатуу, берилиштерге керексиз жетүүлөрдөн коргонуу максатында ар бир имаратта үч же эки актив тармак жабдыктарга ээ;

Физикалык деңгээлде колдонулган виртуалдык байланышсыз, ал эми берилиштер байланышуу деңгээлинде вируалдык байланышты камсыздоо менен ар кандай маселелерди чечүү мүмкүнчүлүнүнө ээ болот;

Бүтүн актив тармак жабдыктарын үзгүлтүксүз байланышын камсыздоо;

Университетибиздин тармагы көрсөтүлгөн чекиттер арасында байланышты камсыз кылууда:

- Мир проспектисиндеги борборбук имарат;
- Азыркы тилдер жогорку мектеп имараты;
- Жатакана;
- Окуучулар ложманы;
- Коммуникация факультет имараты;
- Башкаруу жана экономика билимдери факультети имараты;

Университетибиздин борбордук имараты Мир проспектисинде, ал эми калган факультеттер жал кичи районунда жайгашкан. Имараттардын баары 5 кабат жана подвалдан турат.

Аралыктуу бөлүштүрүлгөн жабдыгы IDF (Intermediate Distribution Facility) биринчи жана төртүнчү кабаттарга орнотулган. Негизги борбордук жабдык MDF (Main Distribution Facility) ар бир факультет имараттарынын биринчи кабатында жайгашкан.

IDF-IDF (кошумча байланыш) жана IDF-MDF ортосунда сегиз зымдуу бир моддуу оптика кабели 1GB сыйымдуулука ээ болуп, негизги канал байланышуусун уюуштурат.

Акыркы байланышуу чекити (колдонуучу компьютерлер) менен IDF арасында жез UTP катергориясы 5E жана 6 кабел типтери колдонулат. Коммуникация факультети, Экономика жана башкаруу жана борбордук имараттын биринчи жана үчүнчү кабатында IDF жайгашан. Бул трафикти багыттандыруу максатында ар бир

IDF-те жайгашкан 1-таблицада switch түзүлүшүнүн параметрлери көрсөтүлгөн. Ар бир кабатта жайгашкан switch ке 100 жакын актив колонуучулар туташкан.

| Аталышы | Жабдык | Порт | Сыйымдуулугу |
|---|---|---|---|
| Iletsim0-2_IDF | Nortel | 1000 | 1Gb |
| Iletsim0-3_5DF | Cisco | 1000 | 1Gb |
| IIBF0-2_IDF | Nortel | 1000 | 1Gb |
| IIBF3-5_IDF | Cisco | 1000 | 1Gb |
| MDF | Cisco | 1000 | 1Gb |

4.1-таблица. Тармак түзүлүштөрү

Тармактын коопсуздук жана ишенимдүүктү камсыз кылуу максатында VLAN камтылган тармака бөлүнгөн. 192.168.40.1-192.168.41.255 IP даректөө 512 түйүнгө дарек берүү мүмкүнчүлүгү бар.

Iletsim0-2_IDF тармак түзүлүшүндө 100 жакын актив колдонуучулар бар.

| Аталышы | Network Ip address | Актив түйүндөрүнүн саны | Мүмкүн болгон түйүндөрдүн дарек саны |
|---|---|---|---|
| Iletsim0-2_IDF | 192.168.40.0-192.168.41.255 | 100 | 512 |
| Iletsim0-3_5DF | 192.168.50.0-192.168.51.255 | 100 | 512 |
| IIBF0-2_IDF | 192.168.80.0-192.168.81.255 | 100 | 512 |
| IIBF3-5_IDF | 192,168.90.0-192.168.91.255 | 100 | 512 |
| Merkez bina | 192.168.20.0 – 192.168.21.255 | 100 | 512 |

4.2-таблица. IP address бөлүштүрүлүшү

Университеттин тармак топология сы жылдыз топологиясы түрүндө байланышкан. Ар бир деңгээлде Switch тер менен актив колдонуучулар (компьютер) туташкан.

4.1-сүрөт. Университет тармагынын жалпы структурасы.




Тармактын базалык көрсөткүчтөрү

Жергиликтүү тармак сегменттери жана глобалдык тармактын *сыйымдуулук тилкеси* (колдонулган параметрлер);

R = 1.0e6/(Lf*8+(Tint-1))*0.1 [кадр/с.],

где Lf – мүмкүн болгон диапоондогу пакеттердин максималдуу узундугу. Tint – пакеттер арасындагы мезгил.

Терезедеги пакттердин минималдуу жана максималдуу өлчөмү мүмкүн болгон диапозондо келип чыккан кокустук санга дал келген сан болуп эсептелет.

Пайдалуу пакеттердин коэфициентти D = R/(R + C) формуласынын негизинде эсептелет.

R – пайдалуу пакеттердин саны;

C – кагылышкан (коллизиондук) пакеттердин саны.

Тармак өткөрүмдүүлүгүн эсептөө

Ржалпы =1.0e6/(Lf *8+(Tint -1))*0.1 [пакет/с.]

Пайдалуу тармак өткөрүмдүүлүүгү

Рпай =1.0e6*D/(Lf *8+(Tint -1))*0.1 [пакет/с.];

D – Пайдалуу пакеттердин салыштырмалуу коэффициенти

Пайдалуу тармак өткөрүмдүүлүгүгү

Вжалпы = Ррасч(Lf - 26)*8 [Мбит/с.].

| Пакеттин узундугу Lf | Пакеттер саны | | D- пайалуу пакеттердин салыштырмалуу коэффицинети | Пайдалуу пакерттердин тармак өткөрүмдүүлүгү, пак/с | айдалуу пакерттердин тармак өткөрүмдүүлүгү, | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | пайдалуу | коллизий | | | жалпы, Мбит/с Вжалпы | пайдалуу, Мбит/с Впай |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 100 | 58780 | 2481 | 0.9595 | 10721 | 6.61 | 6.35 |
| 300 | 25163 | 2656 | 0.9045 | 3625 | 8.78 | 7.95 |
| 500 | 15143 | 2395 | 0.8634 | 2108 | 9.26 | 7.99 |
| 700 | 10640 | 2292 | 0.8228 | 1445 | 9.47 | 7.79 |
| 900 | 8083 | 2219 | 0.7846 | 1075 | 9.58 | 7.52 |
| 1100 | 6456 | 2170 | 0.7484 | 841 | 9.66 | 7.23 |
| 1300 | 5334 | 2110 | 0.7166 | 683 | 9.71 | 6.96 |
| 1500 | 4606 | 2206 | 0.6762 | 559 | 9.75 | 6.59 |

4.3-таблица. Ethernet пакеттеринин утилизациясы

Жогоруда айтылып кеткендей Манас университетинин тармагында коммуникация факультетинин имаратында биринчи жана төртүнчү кабаттарда Аралык бөлүштүрүлгүч түзүлүштөрү IDF (Intermediate Distribution Facility) орнотулган, ал эми Негизиги бөлүштүрүлгүч түзүлүшү MDF (Main Distribution Facility) биринчи кабатта жайгашкан. IDF жана түзүлүлтөрүндө пакеттерди багыттандыруу максатында Nortel 5500 Switch тармак түзүлүшү колдонулат.

# 5. Кезек теориясынын негизинде тармакты моделдөө

Физикалык канал аркылуу өткөн пакеттердин каналдагы интенсивдүүлүгүн аныктоодо Кезек теориясы методунун негизинде караса болот.

